12 Немистер кыска саясат жүргүзбөйт



9 Жаштарды үй менен камсыз кылабыз




# САРЕСЕП

saresep.kg

14-июль, 2016-жыл
№27 (60)
Калыс көз караш!




# Эки өлкөнүн чыры үчүнчү өлкөгө таасир этпесин

7-бетте



Каржы базары: Ким кетип, ким калат?

5-бетте



М.Сырдыбаев: Кабыланды кайрадан жанданткым келет

11-бетте



Баланын жолун китеп ачат

14-бетте

Working Сaресеп gezитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!




# Кыргызстанда орточо айлык 202,8 АКШ долларын түзөт

2016-жылдын январь-май айларында Кыргызстандагы орточо айлык акы 189,6 долларга түшүп кеткен. Бул тууралуу Улуттук статистикалык комитетте аптанын башында өткөн пресс-конференцияда билдиришкен.

Комитетте 2016-жылдын беш айынын аралыгында бул көрсөткүч 6,8 долларга түшүп кеткендиги тууралуу айтылган.

"Бул Америка валюта курсунун өсүп кетүүсүнө байланыштуу болду. 2015-жылдын жыйынтыгын карасак, бул көрсөткүч 206 долларды түзгөн. 2016-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында өлкө боюнча орточо айлык акы 13 миң 649 сомду, же болбосо 202,8 АКШ долларын түздү", - деп билдирет статистикалык комитеттин кызматкери Гүлнара Жайлообаева. Анын айтымында, бул көрсөткүч былтыркы жылга салыштырмалуу 12%га жогорулаган.



# Экспорт 29,3%, импорт 8,2% төмөндөдү

12-июлда Улуттук статистика комитети үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айындагы социалдык-экономикалык абал тууралуу маалымат жыйынын өткөрдү. Жыйында ушул жылдын алты айлык отчётунда ички дүң өнүм алдын-ала баалоо боюнча 176 млрд. сомду түзүп, өткөн жылдын январь-июнуна салыштырганда, 2,3 пайызга төмөндөгөнү белгилүү болду. Бул төмөндөөгө өнөр жайдагы жана транспорттогу көлөмдөрдүн кыскарышы таасир эткен.

Улуттук статистика комитети ушул жылдын январь-июнь айынын отчётун берди. Маселен, ички дүң өнүмдүн көлөмү алдын-ала баалоо боюнча 176 млрд. сомду түзүп, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда, 2,3%га төмөндөгөнү белгилүү болду. Ошондой эле, "Кумтөр" кен казуу ишканасын эсепке албаганда, алты айдын жыйынтыгында 1,2%га көбөйгөн. Мындан тышкары, айыл-чарба дүң продукциясы да 2,9% өскөн. Негизги капиталга салынган инвестициялардын көлөмү 39 млрд. сомду түзгөн.



# Быйыл ЖРТдан 700 киши көбүрөөк өттү

Бул жылы Жалпы республикалык тестирлөөнүн өтүү чегинен өткөн абитуриенттердин саны былтыркы жылга салыштырмалуу 700 кишиге көбүрөөк болгон. Бул тууралуу Билим жана илим министрлигинин пресс-кызматы билдирген.

Окууга өтүү үчүн босого баллын коюу тууралуу чечим өткөн жылы эле кабыл алынган. Бул нерсе ЖОЖдордо билим сапатын жогорулатуу үчүн, ЖОЖдорду оптимизациялоо тууралуу мамлекеттик концепциянын жоболоруна багытталган.

Билим берүү министрлиги Жалпы республикалык тестирлөөдөгү ЖОЖго өтүүчү босого балдарды эң төмөнкү бийиктик деп эсептейт. Кийинки жылдары ЖОЖдордо билим сапатын арттыруу максатында өтүү баллдарын мындан да жогорулатуу керек деп эсептешет алар.

Окууга өтпөй калган абитуриенттер орто билим берүүчү кесиптик окуу жайларга тапшырса болот. Кийинки жылдардын статистикасы көрсөткөндөй, колеждерге өткөн студенттердин пайызы 47 пайызга жеткен. Окууларын бүткөндөн кийин бардыгы жумуш менен камсыз болуп, ЖОЖдо окуган студенттерге караганда туруктуу, жогорку маянага ээ болушкан.



# Улуттук кийими динге дал келет, чагымга алдырбагыла!

Кыргызстандын муфтияты Бишкектин ар кайсы жерине илинген жарнактарды "Элдин ынтымагына доо кетирген жарнак" деп атады.

Бул боюнча муфтият тараткан расмий билдирүүдө "Баарыбыздын колубуздагы эң кымбат байлык - элдин тынчтыгы менен биримдиги. Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы кыргыздын улуттук кийимин динге дал келген кийим деп белгилейт жана улуттук баалуулук менен диний баалуулуктарга шайкеш келерин билдирет. Муфтият мындай нерселерге таасирленип чектен чыкпоого чакырат" деп айтылат.

Башкармалык бул маселенин алкагында тийиштүү мекемелерге кайрылып, мыйзам чегинде карап берүүнү суранды.

Кечээ Бишкектин айрым жерлеринде "Кайран элим, кайда баратабыз?" деген көрнөктөр илинди. Анда баш жагында кыргыздын улуттук кийимин кийген кыз-келиндердин, андан кийин бетин ак менен чүмкөгөн, ал эми соңунда таптакыр капкара болуп чүмкөнгөндөрдүн сүрөтү тартылган



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Бүтжеттин сыртында жана ичинде калган акчалар

Грузияда Михаил Саакашвили президенттик макамга келгени өлкөнүн бүтжети 4 жылда 20 эсеге көтөрүлгөн. Ли Куан Юнун командасы башкара баштаганда Сингапур кыска мөөнөттө эң күчтүү армияга ээ болуп, аскердик машыгууларын Тайвань жана Малайзияда өткөрө баштаган деген маалыматтар жомок сыяктуу угулат.

Такталууга мүмкүн эмес маалыматтар боюнча Кыргызстандын эки ири шаарынын бүтжетинин ондон тогузу ар кандай жолдор менен желет деген кабар да жомок сыяктуу. Мындан келди бүтжетке жеткенин бара-бара «ачык бүтжет» программасы аркылуу тескеп кетсе болгудай. Ошону тескегенде эле жолдорубуз жылда чукуланбай, улам бузулса улам жаңы асфальт төшөгөнгө каражат жетчүдөй. Бирок Саакашвили менен Куан Юнукундай ийгиликтерге жетиш үчүн бүтжетке жете элегин да аман-эсен сактап калсак жакшы болмок.

Мисалы, курулуш тармагында мамлекетке төлөнчү сумманы 10 миң сомго чуктап коюшканы менен, бул тармакта кызмат кылуу үчүн коюлган аткаминерлер 20 миңдин тегерегиндеги АКШ долларын жымырат экен. Бул кеп такталганга мүмкүн эмес болсо да, туш тарапта айтылып келген туура маалымат. 20 миң долларды тыйын-пыйынына майдаланбай 67ге көбөйткөндө 1 млн. 340 миң сом болот экен. Аны бүтжетке ыргытып койгон 10 миңге салыштырганда ортого 134 эсе көп экени маалым болот. Бүтжеттин төрт жылда жыйырма эсеге өскөнүнө таң калбай эле койсо болот экен. Демек, бул жомок деле эмес экен да, туугандар. Мындай акчага түндүк-түштүк жолу тургай, түндүк-түштүк каналын салып койсо болот эмеспи. Каналды салып, аскердик катерди алып, аны менен ары-бери каттатып койсо да жетчүдөй. Минтсең башкалардын базасына да муктаж болбойбуз, базасы турган күнү да анын турган-турбаганы маанисиз болуп калат.

Биз аты жоюлуп кетсе да, заты жолдо тура калып жаткан МАИден баштап, Ак үйдөгү кабинеттерге соттор үчүн берилчү пара катары кирип-чыкты, кирип-чыккан жок делген, прокуратуранын тергөөчүсүнүн шкапынан капыстан чыгып калган 100 миң долларларды эске алсак, бүтжетке эмнелер гана жетпей калып атканын элестетсе болот.

Эми жогорудагы кириш сөздөн кийин аткаминерлерге кыргыз элинин атынан кайрыла берсек болчудай. Айланайындар, эртеби-кечпи техника пара алган же албаган адамды сыртынан эле таанығандай деңгээлге жеткени калды. Бизди чоочун элдин акчасына, коргоосуна жана кадырбаркына муктаж кылбай, жалдыратпай жашатууга ант берген соң, ошондой жашаткыла. Антпесеңер силердин ордуңарга ак иштеп берем дегендер көп кыргыз элинде. Ошолорго сыйыңар менен ордуңарды бошото бере бергиле. Кеч болуп калып, жүз карашпай калбайлы, айланайындар.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 7000**
**Буйрутма № 1590**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Пост терминалдар эсептешүүгө ыңгайлуу

**Нак эмес эсептешүүлөрдүн ыңгайлуу шарты пост терминал аркылуу төлөө болуп эсептелет. Учурда Бишкек шаарынын дүкөндөрүндө, соода түйүндөрүндө, кафе-ресторандарында 3 миңден ашык, Ошто 300гө жакын пост терминал орнотулган. Бирок Кыргызстанда ар бир үч жарандын бирөөсү гана төлөм картын колдонот. Натыйжада "Пост терминалдарды жер-жерлерге орнотуу боюнча кандай иштер жүргүзүлүүдө жана анын кандай артыкчылыктары бар?" деген суроолор менен КР Улуттук банкынын төлөм системасын анализдөө жана өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Жеңишбек Ташматовко кайрылып, мындай жооп алдык:**



– 2015-жылы Жогорку Кеңеш улуттук валютанын курсун турукташтыруу жана өлкө экономикасын доллардан арылтуу багытында бир топ тапшырмаларды берген. Анын катарында накталай эмес төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө калкка ыңгайлуу шарттарды түзүү да каралган. Республиканын аймактарында банктык терминалдарды, банктык төлөм карталарын кабыл алуу жана тейлөөчү банкоматтардын, терминалдардын тармактарын кеңейтүү боюнча да айтылган. Учурда иштер кызуу жүрүп жатат. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо тууралуу мыйзамга ылайык, ар бир кардар төлөмдөрдү нак жана нак эмес түрдө жүргүзүүгө акысы бар.

Пост терминалдар төлөм карттары менен сатып алуучунун төлөө ыкмасын чектебөөгө багытталган. Керектөөчү соода түйүнүнө барганда накталай акчасы жок болсо төлөм карт менен төлөөгө толук укуктуу. Сатуучу картты кабыл алып, керектөөчүнүн банктык эсебинен дүкөндүн эсебине которуп коёт. Төлөм картын колдонуунун артыкчылыктары көп. Мисалы, акча саноодон, аны жанында көтөрүп жүрүүдөн арылтат. Эң негизгиси ыңгайлуу шарт түзүү болуп эсептелет.

Дүкөнү бар жеке жактар пост терминал орнотууда эч кандай түйшүккө учурабайт. Коммерциялык банктар лицензиянын негизинде иш алып барат. Биринчи кезекте коммерциялык банктардын ыңгайлуусун тандап, келишим түзүлөт. Андан соң пост терминал бекер орнотулуп, жумушчуларга иштөө ыкмалары көрсөтүлөт.

# Элди бөлүп-жаргандар жоопко тартылсын

**Бишкектин бир нече ири көчөлөрүнүн кесилишинде "Кайран элим, кайда баратабыз" деп жазылган ири баннерлер пайда болду. Баннердин бир тарабында улуттук кийимчен аялдардын, ал эми экинчи тарабында бети-башына чейин кара жабуу менен чүмкөлгөн (паранжа) аялдардын келбети түшүрүлгөн. Бул боюнча интернет колдонуучулар арасында көп жактуу пикирлер айтылып, кызуу талкуу жүрүп жаткан чагы.**

**Теолог, саясат таануу жана ислам изилдөөлөрү боюнча доктор Кадыр Маликовго кайрылып, "Аталган баннерди чагымчылдык деп баалоого болобу? Бул сүрөттөрдүн илиниши кандай максатты көздөйт" деген суроо узаттык.**



– "Кайран элим, кайда баратабыз?" деген суроо чагымчылдыкка окшоп жатат. Ал коомдун биримдигине терс таасир бериши мүмкүн. Укук коргоо органдарынан өзгөчө, УКМКдан бул баннерге жана аны жасаткандарга көңүл бурууну суранам. Кылмыш жаза кодексинин 299-беренесине (Диндер аралык жек көрүүчүлүктү тутантуу, диний ишенимдерди шылдыңдоо) ылайык, мындай аракеттер элди эки жаатка бөлөт. Бул абдан опурталдуу нерсе.

Социалдык тармактарда диний негиздеги жек көрүүчүлүк жана басмырлоо кайра күч алууда. Бардык жарандар тынчтыкты, туруктуулукту, мыйзамдуу тергөөнү жана ачык айкын жоопко тартууну каалайт. Баарынан да мындай аракеттер Германиянын канцлери Ангела Меркелдин Бишкекке жасаган сапары алдында болуп жатканы кызык.

Мен бир маанилүү учурду тактап кетким келет. Бул баннерлерге Оштогу Куран окуу конкурсунун жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземиндеги хафиза (Куран окуган жана жаттаган) эже-карындаштарыбыздын сүрөттөрү колдонулган. Анда алардын жүздөрү жука чүпүрөк менен жабылып турганы көрүнүп турат. Негизи хафиза макамын алып жүргөн аял акылэсин, ой-пикирин таза сактоо жана керексиз көз караштардан алыс болуу максатында эркек адамдар жүргөн коомдук жайларда жүзүн жаап жүрүүгө милдеттүү. Ал эми башка күндөрү хафиза аялдар бетин жаппай, кадимкидей жүрө берсе болот. Баннердеги сүрөт так ошол күнкү аземден алынган. Кыргызстанда баардык адамдар ханафит мазхабын карманышат. Мен капкара чүмкөнгөн аялды көрө элекмин. Бул чагымчыл аракет. Баннердин ижара баасы кымбаттыгына карап эле тапшырык ээси оңой адам эмес экенин билсе болот.

# Азимжан Аскаров аягына чейин турду

**Азимжан Аскаров 2010-жылдагы коогаланды уюштурууга тийиштиги бар жана милиция кызматкерин мыкаачылык менен өлтүргөн деген негиз менен Жогорку сот тарабынан өмүр бою кесилген. Бирок Аскаров азырга чейин өзүнө коюлган күнөөнү четке кагып келет. Жогорку Сот Аскаровдун ишин кайра кароону облустук сотко жолдоду. Кыргыз эли болсо Аскаровдун соту уланышын каалабай тургандай. Ошондон улам сот ишин ырбатпай, ушул бойдон калтырып койсо болбойбу деп жактоочусу Нурбек Токтакуновго кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**



– Эгер адам өзүн-өзү коргоп жатса, аны аягына чейин чыгарышы керек. Азимжан Аскаров көп адамдардан айрымаланып өзүн коргоп жатат. Ошондуктан мунун иши Бириккен Улуттар Уюмуна чейин жеткен. Соттук иш Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча комитетине жетүү үчүн абдан узак жана татаал жолду басып өтүш керек. Кээ бир адамдар пара берип бийлик менен келишип алат. Ал эми айрымдары шарттуу мөөнөткө макул болушат. Аскаров болсо бул иште аягына чейин турууда. Мен буларды жактоочу катары айтып жатам. Ош коогалаңдагы бычакташууну иликтөөчүлөрдүн ичинен жок дегенде бирөөсүн кармаштыбы? Бул жөнүндө да айтышыбыз керек. БУУ эл аралык келишимдин фактысы жана жарандык, саясий укуктун шайкештиги менен ишти карайт. Бул келишимдин негизинде ар бир жаран БУУнун адам укуктары боюнча комитетине кайрыла алат. БУУ биздин жарандардын даттануусун караганга укуктуу. Кыргызстан өзү бул келишимге 1994-жылы кол койгон. Менде көптөгөн кардарлар бар. Бирок ар бирөөнүн маселеси жабык болуп саналат. Көпчүлүк адамдардын маселесин чечип бергем. Ошол убакта мага маалымат берүүдөн баш тартышканда, мен БУУдан бул мыйзамсыз экенин айтып, чечим алгам. Ошондо гана мага маалымат беришчү.

Эскерте кетсек, Жогорку соттун соңку чечими жабырлануучу тараптын наразылыгын жаратты. 2010-жылдагы июнь коогаланы учурунда киши колдуу болуп каза тапкан милиция кызматкери Мыктыбек Сулаймановдун жесири Чынара Бечелова: "Аскаровдун күнөөлөрү сотто далилденген. Анын укугун коргоо менен укук коргоо уюмдары биздин укугубузду тебелеп жатат", – деди.

# Кайраттуу жетекчилер керт башы менен жооп бердирет

**Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин төрагасы Дүйшөнбек Зилалиев 8-июлда атайын жыйналыш өткөрүп, жыйналыш жыйынтыгында энергетиктерге 15-октябрга чейин өлкөнү жылуулоо толук даяр болушун айтып, "Эгер кандайдыр бир мүчүлүштүктөр болсо, керт башыңар менен жооп бересиңер" деген эле. Ушундан улам «Керт башың менен жооп бересиң» деген сөз кайдан чыккан? Азыркы саясий жетекчиликке ушундай сөз жарашабы? Бул сөзгө учурда кандай маани берилет? деген суроолорго жооп издеш үчүн Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын котормо бөлүмүнүн башчысы, окумуштуу, тарыхчы жана тилчи Аалы Молдоканов агайга кайрылдык:**



– "Керт башың менен жооп бересиң" деген жакшы эле сөз. Бул орустун "Личный ответственность" (жеке жоопкерчилик) деген сөзүнө жакындашат. Керт башы менен жооп берүү деген кыргыздын нукура тилиндеги жакшы сөздөргө кирет. Эгер жетекчилик ушул сыяктуу сөздөрдү айтса, анда туура эле айткан болот. Мындай сөздөрдү мен кубаттаар элем. "Керт башың менен" деп тил билген кишилер айтат. Мындай сөздөрдү фразеологизмдер деп коёт. Фразеологизм, идиомалар деген сөздүктөрдө бар. Мындай китептер азыр дагы көп басылып чыгып жатат. "Керт башы" деген сөздү Константин Кузмичтен, жакында чыккан Жапанов деген профессордун сөздүгүнөн караса болот. "Падыша мезгилинде колдонулган сөз" дегени жаңылыштык. Кыргыз ата, кыргыз бала, же болбосо Манастагы бүт фольклордун баарында керт башы деген сөз бар. Бул сөздү айрымдар түшүнбөсө анда аларга эч нерсе дей албайбыз. Демек, керт башы менен жооп берет деген бул өздүк жоопкерчилик дегендик. Керт десе, аны башка бир жаман сөз деп түшүнүп жатышкандыр. Эгер жетекчилердин оозунан ушундай сөз чыккан болсо, анда бул анын кайраттуу, кыйын жетекчи экендигин көрсөтөт. Ишти так аткаруу үчүн ошентип айтыш керек. "Керт башың менен жооп бересиң" дегени, "Кандайдыр бир туура эмес нерселер болсо жумуштан кетесиң" дегендикке жатат.

# Экономикс

Германияда 1921-жылдын январь айында гезиттин баасы 0,3 марка болсо, эки жылга жетпей, 1922-жылы ноябрда 70 млн. маркага чейин чыгып кеткен. Башка нерселердин баасы да ушул деңгээлде өскөн

*(уландысы, башы мурунку санда)*

## 9-принцип:
## Өкмөт акчаны ашыкча басып чыгарганда баалар өсөт

Жогоруда келтирилген Германиядагы XX кылымдын башындагы баалардын өсүшү дүйнө тарыхы башынан өткөргөн инфляциянын эң улгүлүү көрсөткүчү.

**Инфляция** – экономикадагы баалардын жалпы өсүшү.

Акыркы элүү жылдан бери Батыш Европа менен Түндүк Америка мындай рекорддорду койбосо да, инфляция маал-маалы менен олуттуу экономикалык көйгөй болуп келүүдө. Мисалы, 1970-жылдары Британия экономикасында жалпы баалар үч эседен жогору өсүп кеткен. Салыштырсак 2000-жылдан баштап, 2008-жылга чейин ошол эле Британиядагы баалар жылына 3%дын тегерегинде гана өскөн. Мындай өсүү менен баалар эки эсеге жетиш үчүн 20 жылдай убакыт керек болот.

Тарыхты барактасак, өткөн кылымда Германиянын башына келген инфляция Зимбабведе да катталган. 2007-жылдын март айында бул өлкөдөгү инфляция 2200% болгон. Бул 2006-жылдын мартында 2,99 сом болгон нерсе, бир жыл өтпөй 65,78 сомго сатылып калган дегендик. 2008-жылдын июнь айында мамлекет 100 миллиарддык зимбабвелик доллар басып чыгарган. Бул акчага бир бөлкө нан сатып алууга болот эле. 2008-жыл ичинде баалар 231 000 000%га өскөн. 2009-жылдын январында мамлекет 10, 20, 50 жана 100 триллиондук кагаз акча басып, жүгүртүүгө киргизген. 100 трлн. деген он эки нөлү бар 100дү билдирет. Инфляциянын жогору болуусу коомдо түрдүү көйгөйлөрдү жараткандан улам, аны колдон чыгарбай кармап туруу дүйнөдөгү ар бир саясатчынын негизги максаттарына кирет.

Инфляция кайдан пайда болот? Инфляциянын жогору болуп, ээ бербей кетүүсүнүн эң негизги себеби, өлкө экономикасындагы акча санынын көбөйүүсү. Өкмөт улуттук акчаны шатыратып чыгара берсе, анын куну сөзсүз төмөндөйт. 1920-жылдары Германияда баалар айына көтөрүлгөн сайын, акча саны да көбөйүп турган. Европанын башка мамлекеттери менен Түндүк Американын экономикалык тарыхы мынчалык үрөй учурган инфляцияга дуушар болбосо да, 1970-жылдардагы жогорку инфляция айланган акчалардын көбөйүүсүнө байланыштуу болгон. 2000-жылдардагы төмөн инфляция жаңы басылган акча экономикага жай агылып киргенине байланыштуу болот.

## 10-принцип:
## Кыска мөөнөттүк мерчемдөөдө же инфляцияны, же жумушсуздукту тандоо зарыл

Өкмөт экономикасына жаңы акчаны узак мөөнөт бою киргизе берсе, бул сөзсүз инфляцияга алып келет. Бирок, кыска мөөнөткө акча киргизүү саясатынын натыйжаларын эсептеп чыгуу оор жана мындай саясат экономиканы оңдошу да, солгундатып жибериши да мүмкүн. Анын натыйжасында жумушсуздук азайышы мүмкүн. Экономикада акчанын кыска мөөнөттүк көбөйүүсүнөн улам инфляция же жумушсуздук ортосунда тандоону сүрөттөгөн графикти Филипстин кыйшык чийини деп аташкан. Бул түшүнүк Лондондогу экономика мектебинде иштеп, жогорудагы байланышты ачкан экономисттин атынан коюлган.

**Филипстин кыйшык чийини** – кыска мөөнөттөгү инфляция менен жумушсуздуктун байланышын сүрөттөгөн арифметикалык функция.

Бул идеянын акыйкаттуулугун кээ бир экономисттер четке каккан. Бирок көпчүлүк экономисттер инфляция менен жумушсуздуктун кыска мөөнөттүк өз ара байланышы бар экенин жана алардын ортосунда тандоо кылуу керектиги жөнүндө түшүнүк менен макул болуп келишет. Бул бир-эки жылдык мөөнөттө өкмөттүн экономикалык саясаты инфляция менен жумушсуздуктун деңгээлин өйдө-төмөн кылып жибериши мүмкүн дегендик. Инфляция менен жумушсуздук башынан жогорубу, төмөнбү же башка деңгээлдеби саясатчылар адатта, бул көйгөйгө баары бир кабылышат.

Кыска мөөнөттө же инфляцияны, же жумушсуздукту тандоо зарылчылыгы *ишмердүүлүк селкинчегин* анализ кылууда чоң орду бар. Ишмердүүлүк селкинчеги бул экономикалык активдүүлүктүн дайыма болбогон жана көбүнчөсүн алдын-алуу мүмкүн эмес өйдө-ылдый болуусу. Аны товар жана кызмат өндүрүүдө иштеген адамдардын азайып-көбөйүүсү менен өлчөөгө болот.

**Ишмердүүлүк селкинчеги** – калктын жумуш менен камсыз болуу жана өндүрүш көлөмүнүн деңгээлиндеги өйдө-ылдый термелүүсүн баамдоо.

Бул мыйзамды жакшы билген саясатчылар түрдүү саясий куралдарды колдонуп, коомго кыска мөөнөттө же инфляцияны, же жумушсуздукту тандоону сунушташы мүмкүн. Мамлекеттик чыгымдар, салыктардын деңгээлин жана айланган акчанын көлөмүн азайтуу же көбөйтүү менен алар инфляция менен жумушсуздуктун бири-бири менен туташкан деңгээлине таасир эте алат. Бул өтө күчтүү экономикалык курал болгондуктан саясатчылар аны экономиканы тескөөдө колдонуу, же колдонбоо керектиги талаш маселе бойдон калууда.

## Корутунду

Сиз экономикс тууралуу баштапкы түшүнүккө ээ болдуңуз. Кийинки бөлүмдөрдө биз адамдар, базарлар жана жалпы экономиканын өз ара алакасы тууралуу өзгөчө маселелерди карап чыгабыз. Аларды талдоодо сиздин бир аз чымырканууңуз талап кылынат, ага сиздин күчүңүз жетет. Экономика теориясы бир нече өзөктүк идеяга негизделген. Аларды биз түрдүү экономикалык абалдарды изилдөө үчүн колдоно алабыз.

Биринчи бөлүмдө каралган экономикалык теориянын он принцибине дайыма кайтып келип турабыз. Аларды төмөнкү жадыбалда кыскача бердик. Эң татаал экономикалык сересеп дал ушул биз баяндап берген он принципке негизделет.

| | |
|---|---|
| Адамдар кантип чечим кабыл алышат | 1. Адам тандайт;<br>2. Сатып алынган нерсе – баш тартылган нерсенин эсебинен болот;<br>3. Саресеп адамдар маржиналдык өзгөрүүлөрдү эсептеп ойлонот;<br>4. Адам стимулга жараша өзгөрөт |
| Адамдар кандай алакаларда болушат | 5. Баарын байыткан соода;<br>6. Базар – экономикалык ишмердүүлүктү калыптаган сонун ыкма;<br>7. Өкмөт кээде базардын иштешин жакшыртуусу мүмкүн; |
| Экономика жалпысынан кантип иштейт | 8. Элдин бакубаттуулугу мамлекеттин товар жана кызмат өндүрүүсү менен өлчөнөт;<br>9. Өкмөт ашыкча акча басып чыгарганда баалар өсөт;<br>10. Кыска мөөнөттүк мерчемдөөдө коом же инфляцияны, же жумушсуздукту тандоосу зарыл. |



## Экономиксти кантип окуу керек?

Биз экономиксти жазганда аны оюн сыяктуу кызыктуу жана түшүнүктүү кылганга аракет кылдык. Бирок окурман да бул оюнга кызыкдар болушу керек. Сиз бул китепти окууга жан дилиңиз менен берилсеңиз, экономика боюнча экзамен тапшырганда да, турмушта пайдаланганда да ыракат алардыңыз тажрыйбада далиденген. Экономиксти өздөштүрүү боюнча бир нече кеңеш бергибиз келет:

*1. Китепти чиймелеп-оймологондун ордуна, корутунду чыгара билиңиз.* Сары маркер менен белгилеп окуу алсыздыкты билдирет. Андан көрө, китептин бир бөлүгүн аяктаганда бир мүнөткө токтолуп, өз сөздөрүңүз менен корутунду кылыңыз. Аны китептин барагынын каптал жагына жазыңыз. Бир бөлүмдү аяктаган соң, авторлордун корутундулары менен салыштырыңыз. Сиздикине канчалык дал келди?

*2. Суроолорго жооп берүү тажрыйбасын арттырыңыз.* Ар бир бөлүмдүн акырында кайталоо үчүн суроолор бар. Алар материалды канчалык өздөштүргөнүңүздү аныктоо үчүн берилген. Жаңы илимиңиз турмушта колдонулган сайын бекемделет.

*3. Китепти чогуу окугула.* Китептин бир бөлүгүн окуп, анын үстүндө өз алдынча иштеген соң, досторуңуз менен бирге талкуулаңыз. Аны менен сиздер соодадагыдай бири-бириңизди байытасыздар.

*4. Турмуштан алыстабаңыз.* Бул цифра, график жана кызыктай жаңы сөздөрдүн арасына киргенде экономика бизди тегеректеп турган бардык нерсе экенин унутуп калышыңыз мүмкүн. Китептин «Практикум» жана «Жаңылыктар түрмөгүнөн» деген бөлүктөрү сизди турмуштан алыстатпайт. Алар турмушубузда болуп жаткан нерселер менен тыгыз байланышта экенине ишарат кылып турат. Эгер китепти жакшы өздөштүрсөңүз, гезит окуп жаткан кезде өзүңүз байкабай андагы маалыматтар тууралуу сунуш, талап сыяктуу экономикалык түшүнүктөр менен ой жүгүртүп каласыз.

## Бүтүм

- **Инсандын чечим чыгаруусун изилдегенде алынчу сабактар төмөнкүлөр:** адам түрдүү максаттардын арасынан тандоого мажбур; ар бир аракеттин чыгымдары колдон чыккан мүмкүнчүлүк менен ченелет; саресеп адамдар маржиналдык чыгым менен маржиналдык пайдаларды салыштырып чечим кабыл алышат; адамдар стимулдарга жараша чечимдерин өзгөртөт.
- **Адамдардын алака кылуусунан төмөнкү сабактарды алсак болот:** соода – бардык тарапка пайда алып келет; адатта, базарлар адамдардын өз ара соодасын сонун тескейт; базар башаламандыкка алып баратса же адилетсиздикке жол берсе өкмөттүн андагы сооданы жакшыртуу мүмкүнчүлүгү бар.
- **Экономиканын иштөөсү боюнча алынчу негизги сабактар төмөнкүлөр:** жашоо шарттарын жакшыртуунун бирден-бир жолу – өндүрүмдүүлүктү арттыруу; инфляциянын негизги булагы – экономикага жаңы акчанын агып кирүүсү; коом же инфляцияны, же жумушсуздукту тандоо көйгөйүнө кептелет.

***(уландысы кийинки сандарда)***

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун
«Экономикс» китебинен

# Кыргызстандын каржы базары: Ким кетип, ким калат?

«Чакан насыя алгандар өздөрү күнөөлүү. Берген акчага той өткөрөт, же торпогу менен кутулам деп үй сатып алат да, кайра конок келсе торпогун союп, бешбармак кылып жеп салат. Анан наразы болуп митингге чыгам деп өзүнүн насыя тарыхын бузуп, ишенимден чыгып жатат...»

## Сандан сапат жаралуудабы?

Кыргыз республикасынын Улуттук банкынын (КРУБ) төрагасы Толкунбек Абдыгуловдун айтымында, 2016-жылдын 31-мартына карата 172 Чакан насыя уюму (ЧНУ) калган. Алардын ичинен 109у Чакан насыя компаниялары (ЧНК), 57си Чакан насыя биримдиктери (ЧНБ), 6оо Чакан каржы компаниясы (ЧКК). Эгер 2015-жылдын 31-марты менен салыштырсак, ЧНУлар 30га азайып, 142си калган.

КРУБдун төрагасы учурда насыя берген базар насыя каражатын көмүскө бергендерден тазаланып, ачык-айкын иштегендер, кесипкөйлөр гана калууда деген оюн билдирген. Бул тармак чакан насыя берүүнүн жеңилдиги жана каражаттарынын көптүгүнөн улам кызматынын сапатын жогорулата алган. 2014-жылы ЧНУлар 34,7 млрд. сом, 2015-жылы 21,3 млрд. сом насыя берип, берилген акчанын көлөмү азайган сыяктуу көрүнөт. Бирок бул азаюу өткөн жылы эки ири ЧНУнун банкка айланганына байланыштуу деген пикирин айткан Абдыгулов: «Насыячылардын көбү карыздарын төлөп берип жатат. Төлөп бере албай жаткандар көбүнчөсүн каржы абалынын начарлагынан айтууда», – деген ой айткан. Төраганын айтымында, үстүбүздөгү жылдын төрт айында КРУБга арыз менен кайрылган 2171 адамдын 303ү алган насыясын төлөөдөн баш тартып, насыя берген уюм менен алакасын үзгөн. Калганы карызын төлөөнүн айласын караштырып жатат жана 89у алган каражаттарын төлөп берген.

ЧНУлардын негизги бөлүгү болгон Чакан насыя компанияларынын алты жылдык статистикасын карасак, алардын үч эсе азайып кеткени байкалат:

| Жыл | ЧНК |
|---|---|
| 2011 | 340 |
| 2012 | 242 |
| 2013 | 208 |
| 2014 | 154 |
| 2015 | 115 |
| 2016 | 109 |

2008-жылкы дүйнөлүк каржы кризисинен кийинки бул статистика Кыргызстан эл аралык каржы базарынын бир бөлүгү болуп калганына ишарат кылып турат. Бул базарга жетиштүү билим жана тажрыйбасы жок кирип алган каржы мекемелери дүйнө боюнча азайып же ирилешип баратат. Кыргызстандын каржы базарына каражат сунган мекемелер Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) киргенде кошумча кандай көйгөйлөргө кириптер болгону тууралуу төмөндө сөз кылмакчыбыз.

## Кыргыз каржысынын көйгөйлөрү

2008-жылкы дүйнөлүк каржы кризисине үстөккө-босток болуп, ЕАЭБге кирген өнөктөштөрүбүздүн мунай-газ баңгичилигине байланган экономикалары аксап, улуттук валюталарынын куну кыска мөөнөттө 2-3 эсеге түшүп кетти. Рубль менен теңге бизде кадимкидей каржы товары болуп калгандыктан сомго да кесепетин тийгизип, биздин валюта отуз пайыздай кунунан ажыраган. АКШ долларын сырткы базардан 50 сом кезинде алган ЧНУнун көбү аны сомго алмаштырып, кардарына сом менен насыя берген. Сомду орто эсеп менен 31,04%дан кем эмес үстөк менен берүүгө мажбур болгон компаниялар насыяларын кайтарып ала албай кыйналууда. Майдабы же ири болобу чакан каржы компанияларынын баары курстук айырмадан жапа чеккен.

Бул негизги себепке байланыштуу ЧНУлардын көбү чыгымдарын азайтууга аракет кылууда, кээ бири банкрот босогосун аттаганы турушат. Компаниялардын көбү насыя берүүнү такыр токтотушкан. Айырмдары криминалдык дүйнөгө жакын көмүскө каржы базарына кире качкан.

Орусияда бир миллионго жакын жараны иштеп жүргөн Кыргызстандын чакан каржы базарына рублдин кунунун тез түшүп кетүүсү өзгөчө катуу сокку болгон. Анткени чакан насыя алгандардын көбү бул өлкөдөн которулган акчалар менен насыяларын жаап келген. Ушундан улам көйгөйлүү насыялардын саны кыска мөөнөттүн ичинде 5 пайызга өсүп, 2016-жылдын 31-мартына карата чакан каржыдагы насыя карызы 737,2 млрд сомго жеткен.

Жогорудагы себептерден сырткары, соода-сатык жана тикмечилик секторунун солгундоосунан улам ишкерлер чакан насыя алууну кыскартышкан. Андан сырткары, кээ бир насыячылардын саясий топтор менен алака түзүп, жеке көйгөйлөрүн каржы компаниялары менен мамлекеттин моюнуна арта салуу аракеттери да бул базарга таасир берип келет. Кардарлардын мындай аракеттери насыячыны гана эмес каржы компаниясын да ашыкча тыйымга учуратууда. Бул аракеттер карапайым элдин насыя алуу жана аны төлөп берүү маданиятынын алыс экенин ашкерелейт. «Мол Булак» чакан насыя компаниясынын башчысы бул абалды: «Мындай кардарлар «Алма быш, оозума түш» деген пикирде. Алардын көбү бизнесин башынан эле туура эмес мерчемдеген. Бүтжетин туура түзгөн эмес. Тойго барып, насыя каражатын ражасына кармата берген. Же үй сатып алып, торпогунун акчасы менен насыядан кутулам деп ойлогон. Бирок, конок келсе торпогун союп, бешбармак кылып жеп салган. Баардык маселе «кыргызчылык» деген кыргызга жарашпаган туура эмес түшүнүктөн келип чыгууда», – деп түшүндүргөн.



КРУБдун бир адамга берилген насыя 50 миң сомдон ашпашы керек деген мыйзам колдонуусу бир нече ЧНУнун жабылуусуна себеп болгон. Каржы компанияларынын талап жана сунуштарын эске алуу менен учурда бул мыйзамды өзгөртүп, толуктаган долбоор даярдалууда. Ага ылайык насыячы же насыячылар тобуна бир төлөм менен же бир нече төлөмгө бөлүнүп берилген каражаттын жалпы суммасы 500 миң сомдон ашпоосу керек. Ошол эле учурда ЧНУ берген насыялардын жалпы көлөмүнүн 30%ы 100 миң сомдон ашпаган насыя болушу зарыл. Берилип жаткан насыялардын каржы компаниясына калчу үстөгү Улуттук банктын ошол күнкү пайыздык ставкасынан 5 пункт гана жогору боло алат.

## Кыргызстанда кайсыл тармактар насыяда отурат?

Чакан насыя берген же чакан каржы кылган компаниялардын насыяларынын жалпы көлөмү бир жылда 4,9 млрд. сомго төмөндөгөн. 2016-жылдын үч айында чакан каржы уюмдары калкка 2 млрд 126,8 млн. сом насыя берген. Аны 54,6 миң адам алган.

2016-жылдын 31-мартына карата өлкөнүн чакан каржы уюмдары төмөнкү тармактарга насыя берген:

| Тармак | Насыя көлөмү, млн. сом |
|---|---|
| Айыл чарба | 2836,8 |
| Керектөө насыялары | 1733,5 |
| Соода жана коммерция | 1678,9 |
| Кызмат сунуу | 1108,4 |
| Курулуш жана ипотека | 495,3 |
| Транспорт жана байланыш | 143 |
| Өндүрүш | 102,6 |
| Жыйноо жана кайра иштетүү | 15,2 |
| Башка | 976,6 |
| Жалпы | 9090,2 |

## Чакан каржы уюмдарынын кризистен чыгуу чаралары

Кризиске карабай тыңып кеткен ЧНУлардын жетекчилери каржы тармагы 2008-жылкы дүйнөлүк кризистен кийин дайыма кризистик абалда иштеп келе жатканын айтышкан. Мунай-газдын арзандоосунан улам, Казакстан жана Орусиянын каржы тармагы менен бирге валюта кунунун төмөндөөсүнөн жапа чеккен кыргызстандык каржы базары учурда кайра түзөлө баштаган. Чакан каржы базарынын катышуучуларынын катары суюлуп бараткынын колдонуп, тың чыкмалары бул базардан чыга качкандардын эсебинен ишин кайра мурунку деңгээлге жеткирүүгө жең түргөн убагы. Бул тармактагы эң ири эки оюнчунун банкка айланып кеткени да аларга дымак берип турат.

Чакан насыя берген уюмдардын маселе чыгарган насыя көлөмү жалпы каржылоонун 5-6%ын түзүп, сомдун кунунун түшүүсүнө чейинки абалдан көп деле айырмасы жок дешет. Бирок жыл өткөн сайын чакан насыя берген уюмдардын азаюусу, бул тың чыкмаларга гана тиешелүү өлчөм экенине ишарат берип турат. Учурда насыя алам деп кайрылгандардын көбү аны төлөп берүүгө кудурети жетпегендер болуп чыгууда.

Тың чыкмалардын көбү 2008-жылкы каржы кризисинен кийин чакан насыя базарына киргендер болуп чыкты. Ошондуктан алар башынан кризиске ылайыкташкан структура түзүп, кадрларын да кризистик убакка жараша алышкан. Алар «Чакан акча, убакыт жана адам ресурстары менен чоң иштерди аркалагандык, күчтүү компаниянын сапаты» дешип, учурдагы кризиске да тез ылайыкташа алган. Мындай компаниялар мисалы, 20 миң сомго үч адам иштетсе, алардын бири кеткенде жаңы кадр албай, калган экөөнө «Достор, силердин айлыкты 6-7 миңге көтөрөлү, кеткен адамдын ишин кылып бергиле» деген ыкмаларды колдонуп, жумушунун натыйжалуулугун арттырып келет.

Жалпысынан алганда, 2010-жылдан бери Кыргызстандын салыштырмалуу туруктуу иштеп келе жаткан чакан каржы тармагы акыркы эки жылдагы терс жагдайларга карабай такшалып, азыркыдан да күчтүү болууга аракетинде.

САРЕСЕП ЖАНА TAZABEK

# Жайдын курмандыгы - жаш балдар

Жайдын аптаптуу күндөрүндө эс алуучу жайларга качкан элдин саны арбыйт. Мындай учурда чоңдорго кошулуп, жаш балдар дагы эс алышат. Бирок, так ушул мезгилдин курмандыгы көбүн эсе ушул жеткинчектер болот







Nomad Camp балдарга көчмөн турмушту үйрөткөн лагер

## Жай башында 20 өспүрүм каза болду

Окуудан тараган балдар бош убактыларын көңүлдүү жана пайдалуу өткөрүп, аз да болсо ден-соолуктарын чыңдап алуу үчүн жайлоолорго, көл жээктерине жөнөп жатышкан учур. Кээ бирлери айылдагы чоң ата, чоң энелерине барып үй оокаттарына кол кабыш кылганча пайдалуу азыктардан жеп, күчүнө-күч кошсо, айрымдары кайра айылдардан шаарга келип, тууган-туушкандары менен учурашып, парктарга чыгып, кино көрүп, өздөрү кызыккан шаар турмушуна аралашып кайтат. Бирок, бала деген кайда болсо бала. Ал шаар болобу, айыл болобу, аптаптуу ысыкта сууга түшүп, сергип алууну каалайт. Бирок, баарынан жаманы, ушундай учурда алар аңдоосуз кырсыкка кабылат.

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматына ылайык, жай башынан бери 20 өспүрүм сууга чөгүп каза болгон. Айтылуу **министрликтин басма сөз кызматынын катчысы Абдишарип Бекилов** төмөнкүлөргө токтолду:



– 2016-жылдын башынан бери жалпы республика боюнча 48 адам сууга чөгүп каза болгон. Анын ичинен 23ү эркек, 5и аял, 20сы жаш бала. Алсак, Чүй облусунда 4 жаш бала, Нарында 2, Таласта 1, Ысык-Көл облусунда 1, Баткенде 1 жаш бала, Ош облусунда 3, ал эми Ош шаарында 6, Бишкекте 2 бала каза болгон. Бул балдарды кароосуз калтырып койгондуктун кесепетинен ушундай абал пайда болууда. Мисалы, эс алууга барганда балдардын кайда, эмне менен алектенип жаткандыгы көзөмөлдөнүүгө тийиш. Кыргызстанда баарыбыз байкагандай, кырсык Чүй облусунда көп катталат. Өспүрүмдөр сууда сүзгөндү жакшы биле электигине карабай, көлмөлөргө, дарыяларга барып агып кеткен учурлар көп болууда. Мисалы, "Пионер", "Комсомол" көлмөлөрүнө чөгүп кеткендер өтө көп. Ушундан улам биз атайын роликтерди телевидение аркылуу көрсөтүп, көлмө ээлерине куткаруучуларды окутуу тууралуу айтабыз. ӨКМнын куткаруучуларына кабар бергенде деле ага убагында жетип келүү өтө оор маселе. Ошондуктан ар бир көлмөнүн, эс алуучу жайдын ээсинин куткаруучусу болсо чөгүп бараткан адамды дароо куткарып калууга болот. Негизи, ӨКМнын милдетине табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарда калкты жана аймактарды коргоо кирет. Ал эми сууга чөгүү тилекке каршы, шалаакылыкка гана жатат. Сууларга тосмо коюу, куткаруучуларды жалдоо жана куткаруу жабдуулары менен коопсуздук эрежелерин көзөмөлдөө сыяктуу нерселерди ошол көлмөлөрдүн, бассейндердин, эс алуучу жайлардын ээлери жасашы керек.

## Бассейндер балдар үчүн эмес

Шаардагы көңүл ачуучу борборлор, аквопарктар, бассейндер эс алууну каалаган балдар үчүн эшиктерин ачып, шатырата иштеп баштайт. Бирок кубанычтуу күндү кайгыга бөлөгөн кырсык кээде балакайлар ата-эне менен жүргөн учурда деле жүзөгө ашып кетет. Жакында эле Бишкектеги "Тартуга" эс алуу борборунда 8 жашар бала бассейнге чөгүп, аз жерден өлүп кала жаздады. Бишкек милициясынын маалыматы боюнча, ал ата-энеси менен эс алып жаткан. Кандайдыр бир иштери чыкканбы, же бир нерсеге алаксып кетишкенби, айтор, ата-эне баласын бассейн куткаруучуларына дайындап өздөрү бир аз алыстап кетишкен. Бирок кийинчерээк эс алуу жайы куткаруучулар менен эч кандай келишим түзбөгөндүгү, ал жерде документи жок иштеп жаткан куткаруучулар өздөрү да жашы жете электер экени аныкталды. Ушундан улам маалыматты тактоо үчүн "Тартуга" эс алуу борборунун чоңу Жаныбек мырзага байланышканыбызда ал азыр эс алууда жүргөнүн айтып, бул тууралуу толук маалыматы жок экенин билдирди. Андан сырткары, ал эс алуу борборуна тиешелүү бардык маалыматтар жабык экенин да айтты. Адистердин айтымында, шаардагы бассейндер жаш балдарга ылайыкташкан эмес. Коопсуздук маселеси дагы жакшы каралбагандыктан, кичинекей балдар менен андай жерлерге баруу кооптуу.

## Мамлекеттик лагерлерге ата-энелер ишенбейт

Жайкы эс алуу учурунда атайын мамлекеттен каражат бөлүнүп, балдар үчүн лагерлер иштей баштайт. Өлкө боюнча миңдеген балдар ушундай жайларга барып эс алышат. Бирок, ата-энелердин көпчүлүгү мамлекет түзүп берген лагерлердин коопсуздугуна ишене беришпейт. Ошондон улам алар балдарын жеке эс алуучу жайларга берүүнү туура көрүшөт. Мамлекет уюштурган лагерлер көбүнчө карапайым, социалдык жардамга муктаж үй-бүлөлөрдүн балдарына ылайыкташтырылгандыктан сапат жагынан да бир аз аксайт дешет билгендер.

Анткени менен бүгүнкү күнү лагер десе эле сууга түшүү, үч маал тамак жеп, эки маал уктоо жана түрдүү оюндарды ойноо деген нерселер эске келет. Бирок учурда балдарга өзгөчө эс алуу сунушун киргизген лагерлер да пайда болгон. Шаарда эки жылдан бери иштеп жаткан жана кыргыздын көчмөн турмушун үйрөтүүгө багытталган "Nomad Camp" аттуу этно-лагер бар. **Лагердин негиздөөчүсү Мелис Мураталиев** балдардын коопсуздук маселесин көзөмөлдөө үчүн тарбиячылар бир карыш дагы жандарынан жылбай тургандыктарын айтат:



– "Nomad Camp" деген бизче айтканда "Көчмөн конушу" дегенди билдирет. Негизги программабыз 10дон 14 жашка чейинки мектеп окуучуларына багытталган. Бул өзүнчө эле билим берүү лагери. Бирок биздин билим дегенибиз салттуу билимдерди билдирет. Мисалы, кыргыздын байыркы жазуусун түшүндүрүп, балдар өзүнүн аты-жөндөрүн, санжырасын байыркы рун жазуусу менен жазып көрүшөт. Манас баатырдын, Эр Төштүктүн жана башка кыргыз баатырларынын эрдиктери жөнүндө айтып беребиз. Мастер класстарда ат токуганды, мингенди, жаа атканды үйрөтөбүз. Музыкалык аспаптардан чопо чоор кантип жасаларын атайын усталар көргөзүп беришет. Кыздарга жүн менен иштөө үйрөтүлөт. Балдарга камчыны 7-8 өрүмдөн баштап татаал өрүмдөргө чейин жасаганды көргөзөбүз. Көчмөн турмушту балдарга жакындан тааныштырып, аларды кызыктырабыз. Чака чапмай, аркан тартыш, качма топ, чүкө, жоолук таштамай сыяктуу кыргыздын улуттук оюндары ойнотулат. Биздe коопсуздук маселесине өзгөчө көңүл бурулган. Ар бир топко башчылар дайындалып көзөмөлдү колго алышат. Ошондой эле мугалимдер дагы балдарга өзгөчө көңүл бурушат.

## Кароосуз сууга түшкөн баланын ата-энеси жоопко тартылат

Кыргыз Өкмөтүнүн атайын токтому менен суу объекттеринде адам өмүрүн коргоо эрежелери иштелип чыккан. Ага ылайык, балдардын суудагы коопсуздугун камсыз кылуу чаралары каралган. Алсак:

• Балдар сууга түшө турган жерди туура тандоо, аны жабдуу, калк арасында сууда өзүн алып жүрүү эрежелерин түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

• Сууга түшүп, балдар эс ала турган мекемелер кеме токтоочу, канализация суулары агып чыгуучу, нөшөрлөгөн жаандын суулары аккан жана жерди булгоочу булактардан 500 метр алыс аралыкта жайгашуусу керек;

• Пляжда кийим чечүүчү бөлмө, көлөкө кылуучу бастырма, чайкангычтар, суу ичүүчү жайлар, фонтан, дааратканалардын болуусу зарыл. Куткаруу посту жана биринчи медициналык жардам көрсөтүү пункту жайгаштырылуугa тийиш;

• Суудан 3 метр аралыктан алыс эмес жерде куткаруучу шаймандары менен такта орнотулушу зарыл. Биринчи жардам кандай көрсөтүлөрү тууралуу тактадар илиниши керек;

• Балдардын сууга түшүүсү коопсуздукту камсыз кылууга жооптуу адамдын көз алдында жүрүшү керек;

• Балдарды 12 жашка чейин ата-эненин кароосу жок, жалгыз сууга түшүрүүгө тыюу салынат. Бул эрежени бузган ата-энелер жоопко тартылат.

Ошондой эле сууда жүрүү эрежелерине токтоло кетсек:

• Сууда узак убакыт жүрүүгө болбойт;

• Үшүгөндө, дененин калчылдаганын сезген учурда дароо суудан чыгып, жээкти бойлой кыска, бирок, ылдам чуркоо керек;

• Тамактануудан кийин 1,5 сааттан соң, сууга түшүү сунуш кылынат;

• Сууга чоңдордун көзөмөлүндө түшүү керек;

• Күн бүркөктө же катуу шамал башталганда сууга түшүүгө болбойт;

• Үйлөмө матрацтарда, жаздыкчаларда алыска сүзүүгө болбойт. Ал кокустан жарылып кетиши мүмкүн.

Эс алуу үчүн эң ыңгайлуу деп саналган жай мезгилинде негизги маселе – балдардын коопсуздугуна көңүл буруу. Балдар ойноп жүрөт деп кайдыгерликке салбай, ата-энелер өз балдарына өзгөчө кам көрүүлөрү абзел. Болбосо, эс алуу өкүнүч менен аяктап калышы мүмкүн.

БАКЫТБЕК КЫЗЫ ТАҢЧОЛПОН

# Эки өлкөнүн чыры үчүнчү өлкөгө таасир этпесин

8-июлда Орусия-Белорусия чек арасында тосулган Кыргыз жана казак ишкерлеринин товарлары бүгүнкү күнгө чейин кармалып, ордунан жыла элек. Ишкерлер болсо товарлардын арасында азык-түлүк да бар болгондуктан, эскирип кетсе бир топ чыгымга учурай турганын айтышууда

Орусия 1-июлда 319-токтомун бекиткен. Кабыл алынган токтомго ылайык, Украинадан, Түркиядан келип, Орусия аркылуу Кыргызстан, Казакстанга өткөн каттамдар чектелген. Натыйжада аталган өлкөлөрдөн келе жаткан товарлар чек арада кармалып, 40тай жүк ташуучу унаа 30дай вагон тизилип калган.



## Орусия эл аралык конвенцияларды бузууда

Серепчилер Орусиянын мындай иш-аракетин анын Украина, Туркия менен болгон саясий карым-катнашынын улам келип чыккан саясат катары баалашты.

Кыргызстандык ишкер Талантбек Маткерим уулу Туркиядан товар ташыган ишкерлердин бири. Ал ырастагандай, акыркы күндөрү чек арадагы тизилген унаалардын саны көбөйүп, алардын санын аныктоо мүмкүн болбой калган. Маткерим мырза эки өлкөнүн саясий чырынан улам эмнеге үчүнчү өлкөнүн экономикасы жабыр тартып атканын түшүнбөй турганын айтат.



– Негизи Туркиядан чыккан товарлар Украинанын, Белорусиянын жана Орусиянын аймагынан транзит аркылуу өтүп, бизге жетип турчу. Бирок Орусия президенти Путиндин буйругунан кийин бул жолдор жабылды. Орусиянын Украина жана Туркия менен мамилеси солгундап кеткенин билебиз. Бирок, эки өлкө чырдаша кетсе, үчүнчү өлкө жабыр тартпашы керек. Эл аралык конвенцияларга ылайык, эгер товардан шек чыкса, аны текшерип туруп өткөрүшү керек, же тиешелүү чараларды көрүшү керек. Биздин товардан шектүү нерсе чыккан жок. Демек, товарларды жөнсүз кармап жатышат. Аны менен кошо эл аралык конвенцияларды да бузуп атышат десек болот. Кандай келсеңер ошондой кеткиле, аны менен ишибиз жок. Иши кылып, Орусиянын аймагынан өтпөгүлө деп ачык эле айтышты. Убакыт өтүп атат. Товарлардын арасында азык-түлүк дагы бар. Биздин бийлик органдары кат жазып кыймылдагыча дагы канча убакыт өтөт?

## Кыргыз өкмөтү оперативдүүлүгүн көрсөтө элек

Кабыл алынган токтомдо Кыргыз өкмөтү Орусия федерациясынын өкмөтүнө расмий кайрылса, Орусия чектөөнү алып сала алат деген пункт бар. Бирок ишкерлер кыргыз өкмөтү оперативдүү иштей албай жатканын айтышууда. **ЖИА бизнес ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбек** мындай кабарларды өкмөт мүчөлөрү ишкерлерге эмес, тескерисинче, ишкерлер өкмөткө жеткирип, чуркай баштаганда гана тиешелүү чаралар көрүлүп баштаганын айтат.



– Негизи Кыргызстан импорттоого көз каранды өлкө. Товарлардын басымдуу бөлүгү сырттан келет. Импорт товарлар бир топ өлкөлөрдөн ташылат. Алардын ичинен эң эле ылайыктуусу Орусия аркылуу келген маршрут. Анткени арзан да болот, жолго кеткен убакыт да кыска. Эми Орусиянын башка өлкөлөр менен кылган мамилесинен улам, биздин транзиттик жолубуз бир эле ошол өлкөгө көз каранды болуп калды. Өкүнүчтүүсү аталган өлкөнүн чечимине таасир эте албай жатканыбыз. Болбосо биз дагы бажы биримдигинин тең катар мүчөсүбүз. Бирок Орусия биздин кызыкчылыгыбызды, укугубузду эске албай эле, бир жактуу иш кылып жатат. Биз болсо жабыр тартып келебиз.

Ишкерлерди тушаган ушуга өңдөш чыр-чатак, көйгөйлөр болуп келген, болуп атат жана мындан ары да кайталанбайт деп эч ким кепилдик бере албаса керек. Маселени бир күндүк кылып чечип алабыз да, эртеңки күндү ойлобойбуз. Бүгүнкүдөн сабак албайбыз. Чыккан көйгөйдү качан гана ишкерлер чуркап, айтып чыкканда эле чаралар көрүлө баштайт. Мамлекеттик органдар өз алдынча иш кылса, анализ жүргүзсө, мына ушундай чектөөлөр болушу мүмкүн деген маалымат берип турса болмок да. Мейли, биз Орусиядан товар алалы, бирок бүгүн Украина Европага күндөн-күнгө жакындап баратат. Биз Украинаны Европага чыга турган терезе катары колдонушубуз керек. Бир жол жабылып калса, экинчи жолдон өтө бергендей кылып альтернативдүү жолдорун иштеп чыгышыбыз керек.

## Башка жол чыгымга учуратат

Негизи, Кыргызстанга Украинадан кондитер азыктары ал эми Түркиядан текстиль, курулуш материалдары импорттолот. Кармалган товарлардын арасында кондитер азыктарынан тышкары, сүт азыктары да бар. Ал эми Орусия тарап чыгымга учурасаңар анда башка жол менен ташыгыла деген ойду карманып турат. **КРнын Соода өндүрүш палатасынын төрагасынын орун басары Нурлан Мусуралиев** башка альтернативдүү жолдор менен келүү өтө кымбатка туруп, убакытты да кармап коёрун айтат:



– Азыркы турган унааларды коё бергиле, эмкисин башка жолдор менен барабыз деп чечип койсо болот. Башка жолдорду айтсак, Түркия да, Украина да Кара деңизге чыгат. Кара деңизден Грузияга, Грузиядан Азербайжанга келип, андан соң Каспий деңизи менен Казакстанга кирет да, Казакстандан Кыргызстанга жетет. Өзүңөр ойлонуп көргүлө эми, канча жолду басып атат. Албетте, бул өтө эле кымбат жол болуп кетет. Жолдун узактыгынан мурун Каспий деңизинде талон деген бар. Аны алыш үчүн 1,5 миң евро керек. Бизди эч ким укпайт. Ал үчүн премьер-министр өзү кат жазышы керек. Ошондуктан биз экономика министрлигине кат жөнөттүк. Жооп качан болору белгисиз. Айла жок күтөбүз.

Ал эми өкмөт мүчөлөрүнө кайрылганыбызда алар азырынча жыйынтык жок экенин, болгону тиешелүү чараларды көрүп, керектүү иш кагаздарын даярдап жатканын гана айтты.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Бишкек-Кара-Балта жолун ким көзөмөлдөйт?

Акыркы алты айда эле мамлекеттик бүтжеттен жол тармагына 1,5 млрд. сом бөлүнгөн. Бирок бөлүнгөн акчалар кайсы жолду курууга, кайсы жолду оңдоого кетип жатканы белгисиз.

Жакында эле 52 км. аралыкты түзгөн Бишкек- Кара-Балта жолун жаңылоо үчүн "Азия өнүктүрүү банкы" 100 млн. доллар бөлүп берди. Транспорт министрлиги болсо 2015-жылы тендер жарыялаганы менен алиге жеңүүчү компанияны көрсөтө элек.

Дүйнөлүк стандартка ылайык, сапаттуу жол салуу үчүн 1 кмге бир 1 млн. АКШ доллары керектелет. Айрым эксперттер менен жарандык активисттер 52 км.ге эле 100 млн. доллар бөлүнгөнүнө таң. **"Пикир" аймактык серепчилер клубунун өкүлү Бакыт Бакетаев** ошол эле Бишкек-Кара-Балта жолуна катышкан кытайлык компаниялар 70 млн. доллар сунуштаганын, бирок белгисиз себептерден улам жол куруу долбоору 100 млн. долларга баалаган компанияга берилип кеткенин айтты.

"Азия өнүктүрүү банкы" 100 млн. долларды бекер берген жок. Анын 35 миллионун грант катары берсе, калган 65 миллион долларды 1% менен 8 жылга кредитке берди. Тендерде 8 компания жеңүүчү болгон. Анын арасында 70 млн. же андан да аз сунуштаган компаниялар да бар болчу. Демек, бул ишти башынан карап, тыкыр баа бербесе болбойт. Эртең, өз убагында жол бүтпөй калышы мүмкүн.

**Жарандык активист Аскарбек уулу Автандил** курула турган жолду айтып жатып буларга токтолду.

– Мындай маңыздуу нерселерди жарандык коом өз колуна албаса болбойт экен. Анткени муну депутаттар, укук коргоо органдары чече албай жатышат. Мына, Балыкчы-Корумду жолунда кандай баш аламандыктар болуп атканын көрүп атабыз. Транспорт министрлиги "Кыйратып атабыз, бүтүп атабыз" дегени менен чынында, азыр ал жерде жумуш токтоп турат. Бул жол да ошол кейипти кийип калбасын деп атабыз. Негизи, 100 млн. долларга 100 жылдык жол салынышы керек. 10 жылдан кийин Ош-Бишкек жолундай болуп талкаланып калган жолдун эмне кереги бар?




Бишкек-Кара-Балта жолу долбоорго ылайык, 41,5 километри 4 катар, ал эми 9 километри 6 катар болмокчу. Андан сырткары, 6 көпүрө калыбына келтирилип, 1 көпүрө 6 метрден 24 метрге көтөрүлмөкчү. Долбоордун ишке ашуу мөөнөтү 2014-жылдан баштап, 2019-жылга чейин созулмакчы.

# "Секомдун" 95%ы 110 баллдан жогору алды

"Секом" билим берүү мекемеси 2015-2016 окуу жылында Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) Бишкек шаарынын окуучуларын даярдаган. Аталган окуу мекемеси Тестирлөөдөн алтын сертификат алган эки жана 200дөн ашык балл алган 23 бүтүрүүчүгө белек-бечкек берип, куттуктоо сөздөрдү айтышты

"Секом" билим берүү мекемесинин мүдүрү Алтынбек Дүйшөналиев: "Бул ийгиликтерге "Биз гана жеткиздик" дегенден алыспыз. Албетте, биздин мекемеде даярданып, ушундай жакшы орундарды алган балдарыбыз үчүн кубанып жана сыймыктанабыз. Жакшы тамак канчалаган нерселер кошулганда гана даамына келет эмеспи. Анын сыңарындай, биз да ата-эне жана мектеп мугалимдери менен бирге өз даамыбызды коштук деп ойлойбуз.

Маалымат катары айтак, "Секомдо" окуп, даярданган окуучулардын 95%ы талап кылынган жүз он баллдан өттү. Ушул жерде иштеген эже-агайларга рахмат. Алардын эмгеги менен жакшы жыйынтык чыгып жатат.

Бул биринчи ийгиликке жеткирген кадамыңар менен ата-энеңердин үмүтүн актадыңар деп ойлойм. Билим менен кошо улуттук маданият, элибиздин салтсанаасын да кошо ала жүргүлө. Бишкекте калып окуйм дегендер менен биз ар дайым иштешүүгө жана колдон келген жардамыбызды бергенге даярбыз. Силерге ийгилик каалайбыз", – деген сөздөрүн айтты.

Куттуктоо сөздөрү аяктаган соң 200дөн ашык балл алган окуучуларга атайын дайындалган белектер берилди. Алтын сертификат алган эки окуучуга ноутбук тапшырылды.

Аламүдүн районунун Байтик айылындагы "Кут билим" окуу-тарбия комплексин бүтүрүп, алтын сертификат алган Кошоев Данил "Секомдо" чогуу даярданган балдар-кыздарга ийгилик каалап: "Мен ЖРТда 223 балл алдым. Албетте буга "Секом" да өз салымын кошту. Кудай буюрса, эми Кореяга барып окуйм", – деп сөзүн жыйынтыктады.

"Секом" билим берүү мекемеси 2012-жылдан бери бүтүрүүчү балдарды ЖРТга даярдоо жана мектеп окуучуларына тил үйрөтүү багытында иштеп жатат. Жыл өткөн сайын тажыйбырбасы өсүп, 2014-2015 окуу жылында бир алтын сертификат ээси чыкса, быйылкы 2015-2016 окуу жылында эки алтын сертификат алган бала даярдалган. "Секом" билим берүү мекемесинде эмгектенген мугалимдердин көбү – жаштар.







# Күнгө күйүү

Аптаптуу жайдын мээ кайнаткан күндөрүндө шаар ызы-чуусунан тажап, сууга түшүп, күнгө күйүп кышкыга энергия топтоо тууралуу ойлонуп жатасызбы? Анткени менен күнгө күйүүнү да билүү кажет. Күнгө туура эмес күйүү - сиздин бардык эс алууңузду текке кетирип коюшу ыктымал. Андыктан эс алууңузду ойдогудай өткөрөм десеңиз, төмөнкү кеңештерге көз чаптырып көрүңүз. Сизге сөзсүз жардамы тиет

## Кантип тез күйүү керек?

Бул эч кандай деле сыр эмес. Суудан чыккандан кийин адам эң эле тез күйөт. Суу күндүн нурун чагылдырууга жөндөмдүү. Ошондуктан суудан чыкканда тез эле күйөсүз. Эгер текши күйүүнү каалаcаңыз, суудан чыккандан кийин денеңизди сүлгү менен сүртүп убара болбоңуз. Андан көрө, күнгө кургансаңыз, денеңиз күйөт. Суунун жанында отуруп күйүү – тери үчүн абдан пайдалуу. Нымдуу аба терини жумшартып, кургап кетүүдөн сактайт. Эс алуу убагында колдон келсе сабиздин жана өрүктүн ширесин ичип, жашылча-жемиштерди көбүрөөк жесеңиз, териңиздин туура күйүшүнө оң таасирин берет. Күнгө күйүүнүн эң туура жолу атайын кошулмалары бар каражаттарды колдонуу. Мындай каражаттарды акжуумал адамдар да колдонсо болот. Атайын жардам берүүчү майды шыбануу да меланиндин иштешин жогорулатат жана терини азыктандырып жумшартууга жөндөмдүү болот.

## Күнгө күйүүнүн зыяндуулугу

Күндүн ультрасыя нурун окумуштуулар толкундары боюнча "Уф-А", "Уф-В" жана "Уф-С" деген 3 топко бөлүп, "В" нурлары алда канча зыяндуу экенин далилдешкен. Бул нурлар коллаген катмарын бузуп, теринин ийкемдүүлүгүн, жылмакайлыгын жок кылат. Ал эми С нурлары жер бетине жетпейт. Ири өлчөмдөгү жасалма күн нурлары да көптөгөн кыйынчылыктарга алып келиши мүмкүн. Адамдын жүзүнө бырыш түшүрүп, чачтын өсүү нормасын бузат. Күнгө ашыкча күйүү организимдеги суу менен туздун жогорулашына алып келет. Жашы өткөндөргө, боюнда барларга, өнөкөт оорусу бар адамдарга жана өтө ак жуумал адамдарга көп күйүү кооптуу. Мындай адамдарга ашыкча күйүү ар кандай ооруларды козгошу мүмкүн. Эс алууга чыгуудан мурда бир нече күн мурун солярдын жардамы менен териңизди даярдасаңыз болот. Солярды жумасына 2 жолу колдонсоңуз териңиз алтын түскө ээ болуп, ультрасыя күндүн нурунан натыйжалуу сактайт. Кээ бир адамдар бир күндө эле күйүп алышат. Бул тери үчүн зыяндуу. Мындай учурда тери кургап кетет. Ошондуктан күнгө күйүү сеанстарын 10-15 мүнөттөн баштап, күнүгө 5-10 мүнөттөн кошуп отурасыз. Эгер сиздин териңиз фототиптердин экинчи түрүнө жатса, тери рагына чалдыгышы мүмкүн. (Ак жуумал жана сепкилдүү болсоңуз, анда сиз күндөн коргонууга муктаж адамдардын дал өзү болосуз.)

## Териңизге жараша крем тандаңыз

1) "SPF 2-4кө" чейин кара тору адамдар үчүн;

2) "SPF 5-10го" чейинки крем күнгө бат күйгөндөргө;

3) "SPF 10-30га" чейинкилер жаш балдарга жана сезимтал терилерге сунушталат.

Күндүн зыяндуулугунан сактай турган эң ишенимдүү каражат бул фильтр – крем. Кремди алардан мурда "UVA" жана "UVB" деген жазууларына сөзсүз көңүл буруңуз. Бул жазуулар Ультрасыя күндүн нурларынан сактайт дегенди түшүндүрөт. Эгер сиз эс алууңузду ысык жакта өткөрө турган болсоңуз, анда "SPF-20" кремин колдонуңуз. Дагы бир эскерте кетүүчү нерсе, кремдер тез эле натыйжасын бере койбойт. Ошондуктан эс алууга чыгардан 20-30 мүнөт эрте колдонуңуз.

Көп адамдар ультрасыя нурларынын зыяндуулугу жогору деп ойлошкон. Негизи ултрасыянын натыйжасында организмде "D" витамини пайда болот. Ал сөөктөрдү бекемдейт жана иммунитетти жогорулатат. "UV" дененин зат алмашуусун, кан айланууну калыпка салат. Теридеги ар кандай нерселер менен күрөшөт. Эгер териңиз ашыкча күйүп, айланаңыздагы адамдардан өзүңүздү ыңгайсыз сезип атсаңыз, анда төмөнкү маскаларды үй шартында колдонуп көрүңүз.

1) Айранды бетиңизге сүйкөп, бир нече мүнөттөн кийин жууп салыңыз.

2) Эки кашык каймакка бир аш кашык зайтун же болбосо өсүмдүк майын аралаштырып бетиңизге сүйкөп, бир саатан кийин жууп таштаңыз.

3) Алое өсүмдүгүн чай калдыгы менен аралаштырып бетиңизге басыңыз.

4) Чийки картошканы аарчып ширесин сыгып алып бетиңизге сүртүңүз..

## Күнгө күйүүнүн пайдасы

Күнгө күйүүнүн зыяндуу жагы менен катар, анын пайдалуулугу да абдан жогору. Окумуштуулар "Жарыктын жетишсиздиги маанайдын жоголушуна, жада калса, кээ бир учурда катуу депрессияга түшүүгө да себеп болот. Ал эми ультрасыя нурлары адамдын организминдеги эндорфиндин иштешин жөнгө салат. Бул химиялык заттар кубаныч жана ырахат сезимин жаратат. Алардын жетишсиздиги катуу депрессияга алып келет", – дешет.

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ



# Жаштарды үй менен камсыз кылабыз

Курулуш өнүгүүнүн көрсөткүчү демекчи, өлкөбүздө бул тармак кыйла жакшырып калганы эч кимге деле жашыруун эмес. Бирок, адатта айтыла келгендей, дале болсо жеке ишкерлер тынымсыз иштеп, жаңычылдыкка аракет кылып жатса, мамлекет тарап дагы эле баягысындай оолжуп отурат. Эмесе бул тармактын күңгөй-тескейи менен "Art-sman" курулуш компаниясынын ээси, ишкер Улан Смановго сөз берсек...

### Жер колдонуу өзүнчө табышмак

Мисалы, бир жерге бир нерсе курам деп сатып алып, баарын мерчемдеп, жумушчуларды таап ишти баштайын деп турсаң, мамлекеттик тиешелүү органдар келип, "Бул жерге мындай курулуш курганга болбойт", – деп уруксат бербей коюшат. Негизги маселе ушунда жатат, акырындык менен бул коррупциялык жолдордун башаты болуп берет. Кайсы жерге эмне курулушу керектиги, кандай нерсе курса болору, кандай нерсе курса болбой турганы ачык көрсөтүлгөн эмес. "Болбойт" деп коюшат, бүттү. Калганы жашыруун. А ошол эле нерсе башка өлкөлөрдө андай эмес. Мисалы, Түркияда 10 сотых, 20 сотых жер сатып алсаң ошол жердин документтери менен кошо ал жерге кандай нерселер курулса болору, кандай нерсе курулбаш керектиги, суу, түтүкчөлөр кандай кошулары тууралуу кагаздар бүт чогуу келет. Ошону көрүп туруп сатып алып, иш баштайсың. Бизде андай жок. Убара гана кыла беришет. Мисалы бир имарат башка имаратка 30 метрден жакын курулбашы керек деген чектөө бар. Бирок бул союз мезгилинен калган чектөө, азыркы заманга ылайык эмес.

Андан сырткары, бизде шаарды жалпы көрктөндүрүү аракети, улуттук ыкмада мерчемдөө деген жок. Бишкек деген кантсе да Кыргызстандын борбору эмеспи. А бизде ошону көрсөтө турган, кыргыз улутунун ордосу экенин билдире турган бир дагы улуттук архитектурабыз жок.

### Жаштар үчүн чакан үйлөр курулат

Биз учурда арзан үйлөрдү куруп атабыз. Анткени азыр көпчүлүк жаштардын негизги маселеси үй болуп калды. Эптеп Орусия, же дагы башка жакка чыгып иштеп акча таап келип үй алып, анан үйлөнүп-жайлансак дешет. Ошону байкап туруп биз аларды көп сыртка кетирбөө максатында арзан үйлөрдү куруп атабыз. Жаңагы конок үй (гостиничного типа) тибиндеги үй деп коюшат эмеспи. Ошондой чакан үйлөрдү курабыз. Бир бөлмө ичинде кичинекей ваннасы бар, дааратканасы бар. Жаштарга ошондой жакшы да. Жумуштан келгенде кичине бир жерине чай-пайын ичип алып, тазаланып жуунуп алып жатып калышат дагы, эртеси кайра окуусуна же, ишине кетип калат. Анткени менен арзан. Эки бир тууган биригип сатып алса болот. Эч кимге батирге деп төлөбөйт. Ошол жерде жашап акчасын чогулткан соң кадимкидей үй сатып алышат.

### Контейнер үйлөр өтө ыңгайлуу

Темир конструкция менен да үй куруп атабыз. Азыр "Контейнерден үй курулат экен, анан мындай экен, тигиндей экен" деп да коркуп атышпайбы. Бирок мында корко турган деле эч нерсе жок. Кээ бирөө темир үйлөр кышында суук, жайында ысык болот деп коркушат. Дубалдар дем албайт дегендер да бар. Бирок, бүгүнкү күнү кадимки кирпич менен жасалган үйгө деле шпатлевка тартып, гипсокартон коюп, туш кагаз чаптап салып атабыз. Демек, ал үй деле дем албайт. Негизи эле үйдүн аба айлануу системасы жакшы иштесе болду. Ошону жакшы караш керек. Биз ага аябай көңүл бурабыз. А жайында ысык, кышында муздак болбошу үчүн азыр укмуштай сонун материалдар чыккан. Мисалы, жапондор мурда эле бала бакчаны жылуулаш үчүн өтө кымбат көбүк материалдарды (термопонал) колдонушкан. Ошол материал азыр бизге чейин жетип, контейнер үйлөрдү жылуулаш үчүн колдонуп жатабыз. Эми жапондор балдар үчүн атайын колдонуп жатышса, анын жылуулугу да, чыдамдуулугу да, адамдын ден соолугу үчүн зыянсыздыгы да каралган дегенди билдирет эмеспи. Демек, бул жагынан бизде коркунуч деле жок.

### Биздин үйлөр баарынан арзан

Андан сырткары, биздин үйлөр арзан дагы. Мисалы, биз чарчы метрди 650 долларга беребиз. Биздин үйлөрдүн негизги айрымачылыгы – биз бүт баарын даярдап, жууркан-төшөгүн көтөрүп келип эле жатып калчудай жасап атканыбызда. Башкаларда байкасаңар көбүнчө үйдүн негизин эле бүтүрүп, калган жасалгасын, ремонтун сатып алган кишиге калтырат эмеспи. Бирок, андайда көбүнчө сатып алган кишилер кыйналып калат. Себеби, ошондой эле баада, 600 долларды тегерегинде үй сатып алышканы менен аны ремонттош керек, жасалгалаш керек, ванна, туалетин жасатыш керек, ашканасын жасаш керек дегендей. Анан сен бүткөндөн кийин кошууналарың да бүтүрүш керек. Себеби, ошол үйдөгү бардык үйлөр жасалып бүтмөйүн суу берилбейт, газ берилбейт, лифт иштебейт. Натыйжада, үйдү сатып алдым дегениң менен ал үйдө далайга чейин толук кандуу жашоо шарты түзүлбөйт. Ал эми биз курган үйлөрдө жогоруда айтылгандай баары даяр болот. Келесиң да жашай бересиң. Мына ушунун баарын эске алганда биздин үйлөр башка компанияларга караганда кыйла арзан экенин көрөсүздөр. Себеби, 650 долларга бүт баары даяр үйдү табыш кыйын.

### Жылуулукту каалашыңча колдон

Биз азыр жылуулук системасын борборлоштурган жокпуз. Азыр ар бир курулган үйдүн өзүнө таандык жылытуу системасын жасап атабыз. Аныбыз ток менен иштейт. Мунун жакшы жери, үйдү жылытууга кеткен каражат өтө үнөмдүү колдонулат. Мисалы, борборлоштурулган жылытууда бир үйгө күн жылуу болсо деле, муздак болсо деле бирдей эле 1000-2000 сом кете берет. Ал тургай сен ал үйгө жашабай, башка жакка көчүп кетсең, же конокко кетсең деле ошол бааны төлөй бересиң. А биздин шартта ар ким өз үйүнүн жылуулугун өзү көзөмөлдөйт. Күн жылууда азайтып коёт, суукта көбөйтүп коёт. Бир жакка кетсе, өчүрүп коёт. Болду тура берет. Андан сырткары, азыр жылуулукту оңой менен сыртка чыгарбай турган материалдарды колдонобуз. Мурда үйдү эптеп сала коюп эле анан кышты-кыштай көмүр жагып, жылыта албай убара боло берчү элек. Эми сонун. Жылуулап койсоң болду, бир жылыган үй тура берет. Ошону менен биздин үйлөрдө жылытууга демейдегиден 2-3 эсе аз каражат кетет. Муну биздин эл азыр түшүнүп калды.

### Атайын айланып кел дешет

Анткени менен бизде азыр үй куруудан дагы документ алуу маселеси оорураак болуп атат. Мисалы, ошол үйлөрдү сатып алганыбызга 1-2 жыл болду. Бирок документтерин эми бүтүрүп атабыз. Негизи, чындап киришсе 2-3 жуманын ичинде бүтө турган иш. Кээ бир маселелер болсо таптакыр күтпөгөн жерден чыгат. Мисалы үйдү салып бүтүп эми шаардык канализацияга же сууга кошоюн десең эле жанында турган негизги түтүккө кошулууга уруксат бербей коюшат. "Жок бул жерге кошулганга болбойт. Кошулсаң тигил жерге алып барып кош", – деп аябай алыс жерди айтышат. Эми элестеткиле, жанында турган канализацияга кошулуш үчүн айланып-тегеренип башка жагынан бараткканыңды. Бул эмне максатта айтылып атканы да белгилүү. Ошентип ортого кичи салып, акча берип баштайсың. Натыйжада ошол чыгашанын баары батирдин баасына кошулуп кетип жатпайбы. Мамлекеттин кассасына 20 миң сом төксөң, кол эле койгон адамдарга 10-20 миң доллар карматасың.

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ







# Немистер кыска саясат жүргүзбөйт

**Бир адамдык башкарууга негизделген системалардан айырмаланып, демократиялык формадагы мамлекеттерден жардам алуу оңой эмес. Анткени алар ар бир саясий кадамы, экономикалык чечимдери тууралуу салык төлөгөн элине эсеп берип турат**



## Президент жана канцлер

13-июлда Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин чакыруусуна жооп катары Германия федеративдүү республикасынын (ГФР) федералдык канцлери Ангела Меркель Бишкекке келди. Ал Кыргызстанда эки күн калмакчы. Расмий билдирүүлөргө карата Меркель айым Жогорку Кеңештин төрагасы, диний лидерлер жана бейөкмөт уюмдардын жетекчилери менен жолугушуусу мерчемделген. Президенттик аппараттын Тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Сапар Исаковдун айтымында, Германиянын эң жогорку макамындагы адамдын биринчи жолу Кыргызстанга келиши эки тараптуу жана регион менен дүйнө алкагында кызматташууну жандантат. Ошондуктан кандайдыр бир документтерге кол коюлбастан, эки мамлекеттин казматташуусунун бүгүнкүсү жана эртеңки келечеги тууралуу кеңири сүйлөшүүлөр болот.

Ажобуз бир жыл мурунку европалык турунда жана үстүбүздөгү жылдын март айында Стамбулда федералдык канцлер менен жолугушуп, өлкөбүзгө чакыргандыгы тууралуу маалыматтар бар.

## Германия менен Меркелдин дүйнөдөгү орду

Ангела Меркель 2005-жылы Германиянын парламенти Бундестаг тарабынан федералдык канцлерликке шайланганда, өлкө тарыхында бул макамга жеткен алгачкы аял гана эмес, 51ге чыккан эң жаш өкмөт башчы да болуп калган. Канцлер болгондон бери Ангела айым өзүн регионалдык гана эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги саясатчы катары көрсөтө алган. Керектүү маалда ал эли аңдабаган маселеде көпчүлүктүн пикирине каршы чыгып, дүйнө саясатына таасир бере алган адам экенин тастыктаган. Айрыкча, Орусия Сириядагы араздашууга киргенде абадан урулган соккудан качкан сириялыктарды улутчул-шовинисттик максатта колдонгусу келген түркөй саясатчыларга каршы бекем турууcу менен Евробиримдиктин бул маселе боюнча багытын оң тарапка түздөп кетүүгө жетишкен. Үч жума мурун Евробиримдиктен чыгууну тандаган Британияга катуу чара көрөлү дегендердин да демин суутуп, маселенин тура эмес нукка кирип кетүүсүнө бөгөт койду.

Германия 81 млн. калкы менен Европада Орусиядан кийинки экинчи орунда турат. Экономикасы боюнча Ички дүң өндүрүмү 3,815 трлн. доллар болуп, дүйнөдө бешинчи орунду ээлейт. Германия НАТОнун эң активдүү мүчөсү жана Франция менен биргеликте Евробиримдиктин өзөгү болгон мамлекет. Ал Евробиримдиктин саясий күндөмин аныктап, ага дем берип, жетектеген өлкө.

## Кыргызстан үчүн саясий-психологиялык мааниси

Евробиримдиктин көзгө басар өлкөсүнүн жана дүйнөлүк масштабда сөзү өткөн адамдын келиши кайсыл жагынан каралбасын, Кыргызстан үчүн чоң утуш. Биринчиден, Германия базар экономикасына негизделген демократиялык түзүмүн геосаясаттын ысык-суугуна карабай тастыктаган күчтүү мамлекет. Мындан жетимиш жыл өтпөгөн тарыхында чоң кыйроого учураса да, бардык тармагынан бутуна туруп кетти. Дүйнөдөгү ашкере улутчул гитлердик фашисттик диктатураны башынан өткөргөнүнө карабай, тез арада адам укуктарын эң жогорку деңгээлде сактаган мамлекетке айланганы менен дүйнөгө үлгү боло алды.

Германия демократиялык парламенттик түзүлүшүн бекем отургузуп, тыкыр иштеткен жагынан Евробиримдикке жаңы кирип жаткан өлкөлөргө жана Кыргызстанга эң сонун эталон. Бул өлкө менен мамиле түзүүнү таразалап көрсөк, анын биз үчүн пайда гана алып келээрин баамдаса болот.

Символикалык маанисин караганда мындай таасирлүү мамлекет менен биринчи адамы аркылуу алака түзүү чоң мааниге ээ. Бул анын саясий-экономикалык салмагы жана эң алдыңкы демократиялык баалуулуктары менен алака кылуу дегендик. Бул иш-чара аркылуу Кыргызстаныбыздын эл аралык саясатта көп тараптуу өлкө катары, ички саясатта Борбор Азиядагы мамлекеттерден айырмаланып, парламенттик республика катары таанылышы жагынан геопсихологиялык мааниси зор. Анткени жарандык коом, сөз эркиндиктери жана адам укугуна аяр мамиле кылуу сыяктуу, бизде эми гана түптөлүп келе жаткан демократиялык баалуулуктардын тамырлап кетүүсү үчүн ушундай кубаттуу демократиялык өлкөлөрдүн колдоосу зарыл.

## Экономикалык жана геосаясий мааниси

Дүйнөнүн бешинчи экономикалык күчү болгондон сырткары, Германия илим-билимде алдыга чыккан, техника жана технологияда дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал бренддерге ээ өлкө. Германия Евробиримдиктин алкагында жардам бергенинен сырткары, 1992-жылдан бери Кыргызстанга өз капчыгынан 560 млн. евро чегерген. Расмий маалыматтарга караганда, бул каражаттар экономиканын туруктуу иштешине, саламаттык сактоону колдоого жана жергиликтүү дыйкандарды каржылоого кеткен. Мындан сырткары, жылдагыдай эле быйыл Германияда окуган 75 кыргызстандык студентке стипендия берилмекчи. Евробиримдик 2014-2020-жылдары Борбордук Азияга 1 млрд. 68 млн. евро жумшаганга даяр экенин айткан. Балким сөз болуп жаткан зыяратта Кыргызстан бул май токочтун жакшы тилимин алганга аракет кылышы мүмкүн дейт серепчилер. Бирок бул бүтжеттик чегерүүлөр сөзсүз арам кекиртектик менен күрөшүү иш-чараларынын натыйжаларына байланыштуу болот деп айтылган.

Бир адамдык башкарууга негизделген системалардан айырмаланып, демократиялык формадагы мамлекеттерден жардам алуу оңой эмес. Анткени алар ар бир саясий кадамы, чыгарган экономикалык чечимдери тууралуу салык төлөгөн элине эсеп берип турат. Ошондуктан биз бул каражаттарды эң пайдалуу сарптаарыбызга ишендиришибиз керек. Өз мамлекетинин бүтжетине салык төгүп жаткан немистер бизге тууган да, кошуна да эмес. Алардын жардамын алышыбыз үчүн биз алар маанилүү жана баалуу деп эсептеген универсалдуу инсандык баалуулуктарды карманарыбызды, мындан да таза шайлоо өткөрөрүбүздү, илим-билимге өзгөчө маани берерибизди, регионду туруктуулук жана тынчтыкка өз салымыбызды кошорубузду, Афганистан сыяктуу туруксуз мамлекеттерден келген коркунучтарга бөгөт коё аларыбызды көрсөтүүбүз зарыл. Мунун баары бизге кандай керек болсо, глобалдашкан дүйнөдө алар үчүн да зарыл экенин түшүндүрө алуубуз маанилүү. Ушунун баарына канчалык ишендире алсак, ошончолук алардын каражатын жана башка мүмкүнчүлүктөрүн ала алабыз. Биз региондо демократиянын башаты, үлгүсү жана жайылтуучусу боло аларыбыз тууралуу немистерге ишеним беришибиз керек. "Биз кыйналып турабыз, акча керек болуп атты эле", – деп азыр ата-энеңен да акча ала албайсың.

## Геосаясий мааниси

Кылымдар бою дүйнөлүк геосаясатта Борбор Азия регионун таасирдүү чөлкөм катары карап келишкен. Биз Кытайга коңшулаш жана Орусия менен тыгыз өнөктөш болсок да, дүйнөдө байланыш формалары өзгөрүп, ар тараптуу кызматташууга жолдор ачылып турган кез. Ошондуктан бизге керектүү жана өзүбүз күчтөндүргүбүз келген тараптар боюнча дүйнөнүн бардык мамлекеттери менен кызматташа алабыз. Биз мындай аракетибиз менен стратегиялык өнөктөш мамлекеттерден алыстаган жокпуз. Тетирисинче, аларга да кошумча мүмкүнчүлүктөр пайда болуусуна өз салымыбызды кошуп жатабыз дегендик. Муну бул мамлекеттердин учурдагы жетекчилиги түшүнбөсө да, келечектеги заманга бап келген саясатчылары баалайт деген ойдобуз. Биздин өлкөбүздүн тышкы саясат боюнча стратегиясында да тышкы саясат менен өнөктөштөрүбүздүн ички саясатын чыңдоо керек экендиги жазылган. Биз Кытай менен соода-сатык алакабыз, Орусия менен Евразиялык биримдик ичинде саясатыбыз бирге болгондой эле, алдыңкы технология, илим-билим тармагы жана демократиялык баалуулуктар боюнча Евробиримдик жана Германия менен кызматташуубуз маанилүү жана керектүү.

Учурда АКШ жана Евробиримдик сыяктуу дүйнөнүн эң таасирлүү оюнчулары Жакынкы Чыгышта геосаясий салмагын жоготуп, Кытай, Ыраакы Чыгыш жана Түштүк Чыгышка өзгөчө көңүл бура баштаган чагы. Мисалы АКШ бул тууралуу өзүнүн тышкы саясаты боюнча доктринасында ачык жазган. Келечекте президенти Хиллари Клинтон болобу же Дональд Трамп болобу, бул доктрина өзгөрбөйт. Эң бай жана эң активдүү чөлкөм жана уюм катары таанылган Евробиримдик да жаңы базарларга чыкпай жатып алышы мүмкүн эмес. Ал эми Борбор Азия, анын ичинен Кыргызстан Ыраакы жана Түштүк Чыгышка карай кеткен жолдун тоомунда жайгашкан.

Саресептин аналитикалык тобу

# Марат Сырдыбаев: Кабыланды кайрадан жанданткым келет

"Кабылан" командасы бир кездери көк бөрү тарыхында чолпондой жанып, миңдеген күйөрмандарды топтогон жана коңшу Казакстанда да кыргыздын намысын коргоп келген. Мына ушундай команданын чачырап кетиши күйөрмандарын кейитпей койгон жок. Эмесе көп тарабы менен өзгөчөлөнгөн "Кабыландын" таржымалын команда жетекчиси Марат Сырдыбаев аганын өз оозунан уксак







### "Кабылан" Ысык-Көлдүн командасы

"Кабылан" командасы 2007-жылдан баштап түптөлүп, 2008-жылы күчүнө кирди десем болот. Анткени ошол жылдан тарта ар бир турнирге катышып аттык. Жаңы түзүлгөндө утулуп жүрүп, 2008-жылы 3-4-орунга илине баштадык. 2009-жылы 1-2-орунга финалга ойносок, 2010-жылдан баштап чемпион болдук. Биздин команда 2014-жылга чейин биринчиликти берген жок. "Кабыланда" башында Кара-Балталык балдар ойночу. Кийин катарыбызга Ысык-Аталык, Таластык балдарды алдык. Башында "Кара-Балта" деген ат менен чыкканга жана курамда көпчүлүгү Кара-Балталык балдар ойногонго Кара-Балтанын командасы деп ойлошчу. Негизи Ысык-Көл облусунун командасы. Көлдүн атынан ойногонубуздун себеби, бизди материалдык, моралдык жактан Камчы Көлбаев агабыз колдоп жүрдү. Биздин команданын жалгыз сүрөөнчүсү Камчы Көлбаев болчу. Команданын аталышын "Кабылан" деп Камчы агабыз өзү койгон. "Кабылан" абдан күчтүү оюнчулардан түзүлгөн. Ат менен бала келишкен, бири-бирин түшүнгөн команда болчубуз. Мен өзүм балдарды карап алып сук-танчумун. Карап турсаң биринен-бири өткөн балдар ойночу.

### Атактуу аргымактар

"Кабыландагы" эң атактуу аргымак БТР болчу. Негизи БТР менен аны ойноткон Урмат Мусаев деген оюнчубуз бири-бирине келишип калган. Артыкчылыктары – экөө бири-бирин абдан жакшы түшүнчү. БТРди казак туугандар 2012-жылы Чымкенттен 70 миң долларга сурашкан. Кийин Астанадан 90 миң доллар сунушталганда да намыс үчүн саткан эмеспиз. Торпеда, Месси, Мустанг, Зорро, Тада деген аттарыбыз да мыкты оюн көрсөтүштү. Булардын өзгөчөлүктөрү команда түзүлгөндөн бери келаткан аттар. Башка аттар ооруп, же башка себептер менен ордуна бөлөк аттар келип кошулуп атты. Бирок жогоруда аты аталган буудандар команда түзүлгөндөн таркаганча жүрүштү. Командага аттарды жалаң өзүбүз сатып алганбыз, бардык тулпарлар биздин команданын жеке менчиги болчу. Азыркы "Талас" командасынын атактуу бууданы Ахилес да "Кабылан" командасынын аты болчу. Ахилестин мурдагы ысымы – Гастон. Бул ат бизде жүргөндө балдар көп минчү эмес. Анткени башка аттар жетиштүү болчу. Негизи, бул аргымакта чоң мүмкүнчүлүк бар экенин ошол кезде эле билчүмүн. Ахилес казактарга кетип аткан жеринен Талас командасынан келип "Бизге калтыр" деп алып калышкан.

### Эл аралык турнирде эки командабыз чемпион болгон...

Биздин команданын эң ири жана эң эсте калган эки чоң жеңиши бар. Биринчиси – жеңилбес "Бөрүлүнү" жеңип, чемпион болгонубуз. Экинчиси – биздин эң эле баса белгилеп кете турган жеңишибиз – 2012-жылы Казакстанда 11-жолу өтүп жаткан эл аралык Аскаровдун турниринде чемпион болгонубуз. Өзгөчө Чымкенттеги Аскаровдун турниринде кыргыздын 2 командасы – "Кабылан" менен "Кожомкул" 1-2-орунга чыкканда "Кыргыздын эки командасы финалга чыкты" деп аябай сүйүнгөнбүз. Ал жерден биздин команда "Кожомкул" командасын 7:2 эсебинде утуп дагы бир жолу төбөм көккө жеткен. Бул абдан эсте калардык жеңиш болуп, биздин команданын эң жылдыздуу сааттарынын бири болгон десем жаңылышпайм.

### Азия оюндары

Азия оюндарына негизги курамды биз – "Кабылан" командасы түптөп бардык. Оюнда казак туугандарыбыз биринчи эле өздөрүнүн 4 калысын коюп койду. Экинчиден, биздин Рустам Тыналиев деген оюнчубузду 5 мүнөткө оюндан чыгарып салышкан. Үчүнчүдөн, биздин балдар улакты такымга баскан маалда билгизбей тизгинден такымга басып, аутту көздөй сүйрөй беришти. Азия оюндарына барып дагы чемпион болдук деп эсептейм. Анткени биздин ошол жерде абдан күчтүү болуп келгенибиз көрүнүп турду. Тогуз мамлекет катышсак, 7 мамлекет бизге жан тартып, талаш кырдаалдар болуп атканда да калыс сөздөрүн айтып атышты. "Кыргыздар күчтүү экенсиңер, күчтүү болгондо да өтө күчтүү экенсиңер. Туура эмес кылып жатышат. Бул жерде оюнчулар ойнобой эле калыстар ойноп койду" дешти. Азия оюндарынан кийин көчмөндөр оюндары өттү. Келип жакшынакай ойноп беришсин деп казак туугандарды күткөнбүз. "Адам өзү кандай болсо, башканы да ошондой көрөт" деп коюшат го. Анын сыңарындай, алар да бизди өздөрүндөй көрүп келбей коюшту окшойт. Баягы таш ыргытканга аш ыргыт дегендей, биз боордошторубузду кайсы турнирибизге келбесин, таза эреже менен ойнотуп, жакшынакай конoктоп узатканга ар дайым даярбыз.

### Команданын таркашы

"Кабыландын" таркашынын себептери көп. Командадагы айрым балдар "Мага баланча команда баланча миң доллар менен контракт түзүп атат. Мен ошол жакка кетишим керек" дешти. Мен балдарга "Силер деген чемпион командасыңар. Кандай жетишкендикке жеттиңер. Эми мындан ары да ушул чемпиондукту бербей ойной берсеңер канча деген байгеге ээ болосуңар. Байгенин өзүн эле эсептесеңер келишимге караганда көбүрөөк түшүп калат" деп айттым. Бирок көп балдарыбыз контракт деп туруп алышты. Натыйжада, биз андай акча бере албайбыз деп команданы таратып ийдик.

### Кабыланды кайрадан жанданткым келет

Азыр оюндарга барып карап отуруп кайрадан команда түзгүм келет. Бирок бул аябай чоң жоопкерчиликтүү нерсе. Көрөбүз го. Бара-бара, мүмкүн келечекте команда түзөбүз. Эми команда түптөсөм курамга жаш оюнчулар топтолот, Бирок команданын аталышы "Кабылан" бойдон эле калат.

### Учурдагы көк бөрүчүлөргө баа

Учурдагы алдыңкы 3 командада тең мурда "Кабыланда" оюн көргөзүп кетишкен балдар бар. "Сары-Өзөндө" Урмат Мусаев, "Достукта" Белек, Баку болсо, "Таласта" Сейитбек менен Жоки деген оюнчуларым бар. Анан үчөөндө тең өзүбүздүн балдар тургандан кийин мунусу жаман, тигиниси жакшы деп айта албайм, үчөө тең күчтүү команда. Бирок учурда "Сары-Өзөндүн" техникасы күчтүү болуп турат. Ошон үчүн "Сары-Өзөн" командасы жеңишке ээ болду. Ат менен оюнчулардан Кубаныч Байтур деген аты менен ортодон жакшы оюн көрсөттү. Чабуул аттарынан "Сары-Өзөндүн" бууданы Комбат улак тийгенде бир да атка жеткирбей барып, тайказанга токтоп берип атат. "Достуктун" оюнчуларынан Манас Ниязов жана ал минген Бойка деген тулпар жакшы жыйынтык көрсөттү. "Талас" командасынан Ахилес, Торпеда деген буудандар мыкты.

### Көк бөрү мекенчилдердин оюну

Союз мезгилинде 7 облустун ичинен колхоз-колхоз болуп көк бөрү тартышчу. 89-жылы финалга биздин колхоз менен Ош облусу чыккан. Ошондо чоң жетишкендикти менин атам көрсөткөн. Мен улакчынын баласымын. Эртең көк бөрү дегенде менде уктамай жок. Кыргыздар көк бөрү оюну боюнча биринчи орунда турабыз. Анткени бул каныбызга сиңген спорт. Биз мындан ары да дүйнө жүзүнө көк бөрүнү таанытышыбыз керек. Бизде көк бөрүдөн атаандаш көп болгону жакшы. Футболду карап көрсөк, бири-бири менен айыгышкан атаандаш өлкөлөр көп. Көк бөрү дагы ошол деңгээлге жетиш керек. Чөнтөгүндөгү болгон каражатын көк бөрүгө салган командалар бар. Көк бөрүнү сүйгөндөр мекенчил болушат. Анткени биздин ой жалаң эле өзүбүздүн кызыкчылыгыбыз үчүн эмес, биздин улутубуздун желегин көтөрүү. Азыр канча команда бар болсо, баарыбыз байыш үчүн эмес, намыс үчүн командаларды сүйрөп жүрөбүз.

РАХАТ АКМАТОВА

# А. Аскаров жана акындын ой толгоосу

Бул жуманын орчундуу окуясы эле Германия мамлекетинин канцлери Ангела Маркелдин Кыргызстанга келиши болду окшойт. Бүткүл дүйнө боюнча кадыры бар айымдын так ушул маалда келиши интернет айдыңында бир кыйла талкуу жаратууда. Эсеби маселен, анын келиши Азимжан Аскаровдун соту жүрүп жаткан убакка дал келгени көпчүлүктү уу-дууга салды. Айтмакчы, Азимжан Аскаров деген ким эле? Эмесе эң биринчи анын кимдигин тактап алсак.

Азимжан Аскаров 1951-жылы Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунда жарык дүйнөгө келген. Улуту өзбек. Жогорку билимдүү, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун юридика факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Ошондой эле 1976-жылы Ташкент шаарындагы П. Беньков атындагы көркөм-сүрөт окуу жайында живопись багыты боюнча билим алган. Аялы Аскарова Хадича 1957-жылкы, Өзбекстандын Ташкент шаарында төрөлгөн. Балдары Фирузбек, Азисбек, Шерзодбек жана кызы Навруз, бардыгы Өзбекстандын жарандары. Башкача айтканда, жалгыз өзү гана Кыргызстандын жараны болуп саналат, калган үй-бүлө мүчөлөрү өзбек жарандары.

## Укук коргоочу деген бир гана улуттун укугун коргойбу?

Аскаров өзүнүн укук коргоочулук ишмердүүлүгүндө жалаң гана өзбек улутундагылардын кызыкчылыгында иш жасап келгени маалым. Ал кайсы бир өзбек улутундагы кылмышкердин күнөөсү далилденип турса дагы, аны бир тараптуу гана актоого тырышып, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүн дайыма "Адам укугун бузуп атасыңар" деп күнөөлөп келген. Маселен, 2008-жылы ал "Хизбут-Тахрир" радикалдык экстремисттик топтун лидерлеринин кызыкчылыгын коргоп чыккан. Ырасын айтканда, Ях жана Акрамжан Халдаровдордун күнөөсү сот аркылуу далилденип, 8 жылга эркинен ажыратылышкан. Ушул эле диний уюмдун дагы бир мүчөсү өмүр бою эркинен ажыратылган Нурмухамед Муллажанов жана анын "двойниги" 5 жылга эркинен ажыратылган Абдумалик Муллажановдорду да коргоп чыккан бар. Негизи бул эрендер адам өлтүрүү (адамдын башын кесип салуу) беренеси боюнча күнөөлөрү далилденген кылмышкерлер эле. Ошондой эле, 2010-жылы Азимжан Аскаров террористтик ишмердүүлүк менен алек болгон. Анысы далилденип 12 жылга соттолгон Тойчиев Атабек аттуу кылмышкерди коргоп чыккан. Булардан сырткары, ал Кыргызстандын мамлекеттик чек арасын мыйзамсыз кесип өткөн Өзбекстандын жарандарынын укугун коргоп келген. Мына ушулардын бардыгын анализдеп көрүп, Азимжан Аскаровду кандай багыттагы укук коргоочу болгон деп айта алабыз? Жалаң бир гана улуттагылардын, болгондо да оор кылмыштар менен сottолгондордун, террористтердин укугун гана коргоп келген болуп атпайбы...

## Эки элди кагыштырып, милиция кызматкеринин өлүмүнө себепкер

2010-жылдын 12-13-июнь күндөрү Азимжан Аскаров Базар-Коргон районунун өзбек диаспорасынын лидерлери менен биргеликте бийликтин өкүлдөрүнө баш бербөөгө активдүү чакырык таштап, массалык башаламандыкты уюштурган. Анын мындай аракетинин натыйжасында масштабдуу башаламандык келип чыккан. Мындан сырткары, Азимжан Аскаров жеке өзү агрессивдүү адамдардан турган топту жетектеп, "Кара-Үңкүр" дарыясындагы көпүрөнүн жанында милиция кызматкерлерине куралдуу каршылык көрсөткөн. Натыйжада, 13 милиция кызматкери жарадар болуп, алардын арасынан милициянын капитаны М. Сулайманов жырткычтык менен өлтүрүлгөн жана өрттөлгөн. Аскаровдун күнөөлөрү толугу менен аныкталып, соттун чечими менен өмүр бою эркинен ажыратылган (КР Кылмыш-жаза кодексинин 227, 241, 299, 233, 340-беренелери боюнча).

Кыскасы, А.Аскаров жоопко тартылгандан бери Батыш тарап укмуштуудай, буга чейин эч кимди коргобогондой коргоп келатат. Жогоруда айткандай, канцлер айымдын келиши да так ошондой коргоо ишине туш келип калды. Эми бул атайын уюштурулдубу, же жөн гана кокустукпу, азырынча белгисиз. Анткени менен интернет баракчаларында ушундай имиштер жүрүп жатканы чын.

## Сириялык качкындарды жайгаштыруу

Мындан сырткары, Меркель айымдын келиши менен Сириялык качкындарды иргей турган лагерь Борбордук Азияда ачылат экен, аны каржылоо ушул немис өлкөсү аркылуу болот экен деген маалымат да интернет айдыңында желдей тарады. Фейсбуктагы талаш-тартыштарга көз салганда буга албетте, каршы болгондор көп. Бирок, «Качкындар келсе келсин. Кайдагы каапыр кытайлар, орустар каптап кеткенден көрө кысталышта турган боордошторубуз келсе, аларга боордошчо кол суна алсак да жакшы эмеспи. Деги эле тарыхта ушундай оошуу ыкмасы менен көп элдер бири-бирине аралашкан. Буга чейин биздин өлкөнүн аймагында жашап аткан арaптар, түрктөр, күрттөр, өзбектер, казактар, ал тургай немистер, орустар, дуңгандар деле ушул сыяктуу жол менен келип, отурукташып калган. Болгону биз аларды илгеркидей сиңирип кете алган жокпуз. Анткени буга чейин кадимкидей кыргыз болуп кеткен элдер илгери далай кездешкен. Буга мисал катары ногойду, нойгутту, коңуратты, жалайырды, кыпчакты ж.бларды айтса болот. Бүгүнкү күнү ушул элдин баары өзүн кыргыз атап, кыргыз болуп жашап келатканы эч кимге деле жашыруун эмес. Болгону биз аларды бөлбөй, кайра өзүбүзгө тартып, боордош кылуу аракетин кылганыбыз оң» дегендер да жок эмес.





## Акындын ой толгоосу

Акыркы күндөрү мына ушундай «Ал келди», «Бул келди», «Баланча бизди каптап кетти» деген сөздөр көп болуп жатканынан уламбы, же дагы башка маселелер болгонбу, айтор, айтылуу төкмө акын Жеңишбек Жумакадыр төмөндөгүдөй ыр чыгарып, анысы эмгиче фейсбукта дагы, «классташтар» баракчасында дагы уулдап-дуулдап кеп болуп турган учур. Баарынан кызыгы, бир канча күн мурун чыгарылган ыр бүгүнкү кеп болуп аткан маселеге өзүнөн-өзү дал келип калганында. Эмесе, Сириясын да, кытайын да, орусун да келтирбей, өз улутун таза сактап калгысы келгендер төмөнкү ырды окуп, ой калчап көрсүн демекчибиз.

### Көбөйгүлө Кыргыз тезирээк

*Келечекти кеңейтпейлиби,*
*Келинчекке кеңешпейлиби.*
*Кыр, тоолорду тарттырбай кийин,*
*Кыргыздарды көбөйтпөйлүбү.*
*Өзгөлөргө Манас, Бакайбыз,*
*Өзүбүздү баатыр атайбыз.*
*Бир көз ирмем чагылган болуп,*
*Бир аялдан коркуп жашайбыз.*
*Ар тарапта ойноп күлгөндөр,*
*Аралашма доор сүргөндөр.*
*Кошумчаңар кайсы мекенге,*
*Койколондоп бойдок жүргөндөр.*
*Жомок кылып айтып мисалга,*
*Жолукканча силер гүзалга.*
*Кызыгына батып каапырлар,*
*Кыздарыбыз кетти кытайга.*
*Байларыбыз албай экиден,*
*Байкуштардын духу бекиген.*
*Ойноп бирок батир алперген,*
*Ойноштору чыгат четинен.*
*Баткак жолдо сүйүү тапкандар,*
*Башы менен отко баткандар.*
*Тагдырыбы ушул улуттун,*
*Таштандыда жаткан жаш балдар.*
*Арам иштн кылбай жылдырып,*
*Алгынын да нике кыйдырып.*
*Байбиченден, кара көзүндөн,*
*Балдарыңды чоңойт тың кылып.*
*Батыштанбы, кайдан алышты,*
*Балакеттүү нерсе жабышты.*
*Үбөлүктөй азыр келиндер,*
*Үчтөн ашык туубай калышты.*
*Толкундарды жеңген кемелер,*
*Тоодой бакыт, асыл денелер.*
*Кайраты зор айкөл турбайбы,*
*Кайран биздин баатыр энелер.*
*Айланайын карындаштарым,*
*Айланчыктап кечке баспагын.*
*Элдин болбой кара далысы,*
*Элдик жигит болсун тапканың.*
*Бойдок жүргөн эркек султаным,*
*Болсун десең Кыргыз, ук баарың.*
*Кайырчы да жанын багалат,*
*Карагыла кыргыз кыздарын.*
*Казактарды басып өтөлү,*
*Калгандарын ашып өтөлү.*
*Сонундарды сактап жаттардан,*
*Соолубасын кыргыз өзөгү.*
*Кудай деген билген Улуу зат,*
*Куран менен берди уруксат.*
*Кайдыгерлик кылсаң улутка,*
*Кайыр диндер оору жугузат.*
*Аялдарга жакпайт билемин,*
*Аяр жандар жактайт билемин.*
*Жесирлерди жалгыз калтырбай,*
*Жетип байлар алсын тилегим.*
*Кыргыздын бар тарых салтында,*
*Кыраан болсоң, тургун тартынба.*
*Оо дүйнөгө кетсең көзүң жуумп,*
*Отуз балаң калсын артында.*
*Кичирейбей кенен болгун да,*
*Ким багат деп, турат оюнда.*
*Ыйлап келген бардык жандуунун,*
*Ырыскысы Кудай колунда.*
*Болбош керек бизде жакырлар,*
*Болуш керек жалаң асылдар.*
*Үч аялды айтып не кылам,*
*Үч айылды багат баатырлар.*
*Эртең деген дайым кечигет,*
*Эртелесең баары чечилет.*
*Көчөлөрдү тарттырып ийбей,*
*Көбөйгүлө Кыргыз тезирээк.*

Жеңишбек Жумакадыр

# Меркель дыйкандын укугун коргогону келди

Маевка айылынын дыйкандары өндүрүмдөрүн жол жээгинде сатууга Айыл өкмөт уруксат бербегенин айтып чыгышты. Алар буга чейин 17-18 жылдан бери жол боюнда соода кылып келишкен. Бирок быйылкы жылы жолдун буга тыюу салынганын айтып, болгону үч ай аралыганда сатууга уруксат алуу үчүн бардык министрликтерге, өлкө башчыга, премьер-министрге жана депутаттарга жардам сурап кайрылууда




## "Болот же болбойт деп айтышпайбы"

Маевкада 18 жылдан бери дыйканчылык кылган Гүлбайра Турдукулова Айыл өкмөт жер бербегенинен улам, үлүш жер ээлеринен жерди кымбат баага ижарага алганын айтат:

– Ижарага жерди кымбат алабыз. Айыл өкмөттөн жер сурасаң бербейт. Айдаган помидорлор ооруп, көп дары кетти. Бизди Маевканын айланма жолундагы "Бек" базарында "Соода кылгыла" деди. Биз иштеген талаага басып да барышпайт. Аталган базар мыйзамсыз болуп, бир дагы документ жок экен. Базаркомдон иш-кагаздарын сурасак, көрсөтө алган жок. Мурда жол жээгинде турганыбызда мыйзамдуу тургула деген. Учурда жерди мыйзамдаштырдык. Архитектура айыл өкмөттөн кол койдурсаңар, жерге, базарга уруксат беребиз деген. Аларды алдык, эми болгону айыл өкмөттүн колу калды. Биз сураган жер айыл өкмөттүкү, пайдаланса болот экен. Биз аны тактаганбыз. Жерди мыйзамдуу түрдө алгыла дегенинен мыйзамдаштырып келсек, эми алар качып жүрүшөт. Андан көрө, алдыбызга келип болот же болбойт деп айтпайбы, – дейт Турдукулова.

## "Өндүрүмдү сатайын деп чуркап жүрөм"

18 жылдан бери өздөрү өндүргөн өндүрүмдөрдү жол боюнда сатып келген Кубанычбек Тайлаков Аламүдүн районундагы Маевка айыл өкмөтү дыйкандар сураган жерди бербегенин айтып, ага белгисиз номур менен чалып коркутуу болуп жатканын айтат:

– 18 жылдан бери жол боюнда соода кылчубуз. Быйыл көчмөндөр оюну болот деп Маевка Айыл өкмөтүнүн жетекчиси Руслан Алиев бизди тургузбай жатат. Маевканын айланма жолундагы "Бек" базары иштелип элек, документи да жок. Бул базарда жогорку чыңалуудагы ток өтөт. Өндүрүм сатууга уруксат сураганыбызга 3 ай болду. Жол жээгине чыгып арзан сатабыз. Айыл өкмөт "Транспорт министрлиги уруксат берсе, мен жооп берем" деген. Транспорт министрлигинен уруксат алсак, эми губернаторго шылтоолоп жатат. Бизди милициялар "Эмне ызы-чуу салып жатасыңар" деп коркутууда. Транспорт министрлиги, айыл-чарба министрликтери дыйкандар чыгарган убактылуу өндүрүмүн күзүндө сатсын деген. Бирок айыл өкмөттүн кийинки шылтоосу Мамлекеттик каттоо кызматы болду. Алар МКК жерди тактамайынча, биз билбейбиз дешүүдө. Айыл өкмөт 3 айдан бери алдап жатат. Биз сураган жер бош турат. Негизи, бул адамдарды эл шайлаган, бирок күнөөнү моюнга алып, аткарбай качып жүрүшөт. "Саясат кылып жатышат, жолду тосконго аракет кылды" деп Руслан Алиев менин үстүмөн РИИБге арыз жазган. Мени РИИБдин жетекчиси "Эл чогултуп, ызы-чуу уюштуруп жатыптырсың" деген. Мен эч кандай ызы-чуу уюштурган жокмун. Элди чогултуп эмне кылам, саясаттагы күч эмесмин да. Болгону өзүм чыгарган өндүрүмдү сатайын деп чуркап жүрөм", – деди ал.

## "Өлкө башчыдан жардам сурайбыз"

Дыйкан Зарипа Ысманова Айыл өкмөт акчалууларга жер сатып, дыйкандарга жер бербегенин айтууда:

– Маевка айыл өкмөтүнө караштуу жерди иштетебиз. Ал жерди жылына 35 миң сомго ижарага алам. Айыл өкмөттөн күйүүчү май, жерди айдоого трактор сураган жокпуз. Болгону жол маселесин чечип берүүсүн суранып жатабыз. Дыйкандарга 7% менен насыя бердик дейт. Насыяны 7% менен бермек турсун, 7 тыйын да бербейт. Айыл өкмөткө келсең, кабыл алышпайт. Акаев, Бакиев убагында деле жер иштеткенбиз. Ошол убакта да бизди "Бек" базарына айдашкан, 1 тоннадан помидорубуз төгүлгөн. Ал базардан эч ким жер алган эмес. "Бек" базарындагы жайгашкан жогорку чыңалуудагы токтон аялдардын кан басымы көтөрүлүүдө. Өлкө башчыдан, премьер-министрден, депутаттардан бизге жардам берүүсүн сuranабыз. Айыл өкмөт уруксат берсе жакшы болмок. Алар акчалууларга жер сатып, бизге бербейт.

## Өкмөттүн токтомун аткарабызбы, же дыйкандардын сураныччынбы?

Маевка айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Сманбек Макешов дыйкандарга берилген 60 метр жерге убактылуу соода кылууга дыйкандар каршы болгонун төмөнкүчө айтат:

– 2015-жылы дыйкандар жол жээгинде соода кылышкан. Ошол жылы февраль айында Республикалык маанидеги жол болуп, келип-кеткен коноктордун баары ушул жолдон өтүшкөн. Ошондон кийин ИИБ МАИден "Жол боюндагы сооданы токтоткула!" деген эскертүү келген. 2015-жылы администрация башаламан соодасатыкты жойгула деди. Акимдин орун басары альтернатива катары дыйкандарга жолдун оң жагынан 60 метр жер аянтчасын берди. Алар сураган жер авариялык абалда. Убактылуу берилген жерге соода кылууга да макул эмес. Бирок буга баары каршы эмес. Макул болгондору деле бар. Жөн эле жашырып атышат. Биз айткан жерге соодасын кылсын. Алар сураган жер берилбейт. Жаш гвардия көчөсү менен өлкө башчысы өтөт. Жакында Ангела Меркель келет деп жолду тазалатууда. Бүт баарын тазалап, бир дагы киши чыкпасын, көрүнбөсүн дешүүдө. Анан биз эмне кылышыбыз керек? Өкмөттүн токтомун аткарабызбы же дыйкандардын сураныччынбы? Күзүндө дыйкандар калтырган пияз, дарбыздын калдыктарын тонналап чыгарып, таштандыга өз каражатыбыздан төкчүбүз. Анан каяктан акыйкат болот.



Дыйкандар барбайбыз деген Круговой «Бек» базары

## "Айыл өкмөт өз жерине өзү кожоюн"

Айылдык кеңештин депутаты Марлес Молдокулов Жаш Гвардия менен айланма жолдун кесилишинде дыйкандар соода кылып келгенин айтып, учурда ал жерге соода кылууга тыюу салынганын төмөнкүчө билдирди:

– Азыркы күнү ал жерде соода-сатык кылууга уруксат берилбейт деп Чүй облусунун МАИлери айтышты. Ошол себептен соода кылууга болбойт. Бирок ошол эле жерде базар бар. Жолдун жээгине турбай, базардын ичинде соода кылгыла десек көнбөй жатат. Себеби турган орунга акча төлөш керек. Булар бүт министрликтерге кайрылды. Алар эми текшерип жатат. Базар мыйзамсыз болсо эмнеге курулмак эле? Дыйкандар бардык эле нерсени мыйзамсыз деп жатышат. Алар сураган жерге турганга мүмкүн эмес. Анткени үлүш жерлерге кирип кетсе, бирөөнүн үлүшү тебеленет.

Ошентип азыр бул дыйкандардын чечилбеген маселеси күрөктү өйүп турган кез. Албетте, алар деле жайды-жайлай кылган эмгектеринин үзүрүн көрүп, өндүргөн өндүрүмүнүн акыбетин алгысы келет. Айтмакчы, жол жээгинде соода кылып аткан жалгыз эле ушул дыйкандар болсо "Мейли" дейт элек. Бишкек-Торугарт жолунда, Көлгө кеткен, Ошко кеткен жол бойлорунда канчалаган адам соода кылып, турмушун өткөрүп келгенин ким билбейт. Тээ союз убагынан бери жол жээгин бербей соода кылып жүрүп, бүгүнкү күнү күркүлдөгөн манапка айланган дунгандар менен өзбектерге эч ким унчукпай эле турабы, же аларда Шабдан баатырдан калган кол тийбестик барбы? Баса, айыл өкмөттүн "Өкмөттүн токтомун аткарабызбы, же дыйкандардын сураныччынбы?" деген түшүнүгүндө да кандайдыр бир мандем жаткандай. Айыл өкмөт болобу, президент болобу, ал өз элинин маселесин чечүү, ошолор үчүн күрөшүү үчүн ошондой кызматта отурат. Азыр мурункудай Жаныбек хандын, же Чыңгыз хандын убагы эмес да жогору жакты кыңк этпей угуп отургудай. Ырас, ошол дыйкан акча таап, салыгын төлөп, ошол салыктын эсебинен жанагы айыл өкмөтү да, МАИси да, экотехи да айлык алып атабы, демек, ошол дыйкандын кызыкчылыгы биринчи орунда турат. Меркел келсе эмне болуптур? Конок келсе эмне болуптур? Эгер өзү келгени үчүн дыйкандар кордолуп атканын билсе, Меркел бул жакка басып да келбейт. Ал атка минерлердин чайын ичип, машинасында ары-бери ойноюн деп келген жок. Ал ошол дыйкандардын укугу тебеленген жокпу, адам укугу бузулбай эле турабы деп байкаганы келди. Ал эртең кторо турган акчалар да кимдир бирөө карыз сурап жалдырап барганы үчүн берилбейт. Так ушул дыйкандардын, карапайым элдин маселеси чечилсин деп берет. А айыл өкмөттөрдүн кичинекей кызматка ээ боло калары менен минтип "Дыйканды угамбы, же өкмөттү угамбы" деп калганы өтө жаман көрүнүш. Бул "Силер эмне болсоңор ошо болгула, мен жогору жактагыларга жагынып кызмат ордумду сактап калсам болду" деген эле түшүнүктү билдирип турат байкаган адамга. Же туура эмеспи, урматтуу эң кичинекей атка минер?

Айпери Азатбек кызы

# Баланын жолун китеп ачат



«Китеп окуу модели коомго таанымал мугалим, ишмер же окумуштуу болушу мүмкүн, бирок эң биринчи жана эң таасирлүү үлгү - ата-эне»

## Келечектин чыныгы ээлери - окугандар

Балдарыбыз келечекке бардык тарабынан даяр, элге ишеним бере алгандай, кайсыл жерде болбосун, адамзатка пайдалуу боло алгандай мүмкүнчүлүккө ээ болушу үчүн бир нече нерсеге маани беришибиз керек. Алардын бири – дайыма китеп окуп, китеп менен дос болуусу. Китеп окуунун өзгөчө пайдалуу экенин статистика да, тажрыйба да, айлана-чөйрөбүздөгү мисалдар да далилдеп келет. Келечектин чыныгы ээлери окуган муун, окуган жаштар болорун атайын бул маселеге арналган дүйнөдөгү илимий изилдөөлөр да көргөзүп жатат.

## Сыналгы кул, китеп азат кылат

Атайын изилдөөлөр боюнча сыналгы же интернеттен даяр образдарды көргөндөр даяр өндүрүмдү керектөөчү болуп өссө, китеп окугандар өздөрү образ жарата алган өндүрүүчүлөр болору аныкталган. Ошондуктан сыналгы көрүү бул башкаларга багынуу дегендик. Ал эми китеп окуу – өзүңдү жана улутуңду алдыга чыгарган жөндөм. Анткени менен бул изилдөөлөр интернетте, үналгы-сыналгыда кайра-кайра айтылып жатканына карабай, биз китеп окуудан барган сайын алыстап жатабыз. Албетте, мындай маселеге туш келгенибиздин көп себептери бар. Аларды айтып кейий бергенден эч майнап чыкпайт. Андан көрө, ата-энелер жана мугалимдер жаштарга жана балдарга китеп окуу жөндөмүн табиятына сиңирип, китепти сүйдүрүүнү эң негизги милдети катары кабыл алса, бардык нерсе өз нугуна түшөт.

## Китеп окуу – бардык жакшылыктын башаты

Учурда балдарыбыз үчүн, жаштар үчүн зарыл деген, бирок чындап келгенде анча жан алакетке түшүүнү талап кылбаган нерселерди четке коюп, бир гана китеп окууну сүйдүрө алсак, ата-эне жана мугалим катары эң чоң ийгиликти багынткан болот элек. Китеп окууну сүйдүрүү эң чоң ийгилик болсо, анда ушул максатка ылайык чараларды көрүшүбүз керек. Ал чаралар жүрөгүбүздү дайыма өйүгөн, акыл-эсибизди уктатпаган “Канткенде балдарга китеп окууну сүйдүрө алабыз?” – деген суроодон күч-кубат алып турат.

## Китеп “жеген” ата-эне үлгүсү

Бала эч бир убакта “ушундай оку, ушундай кыл” деп коюу менен биз каалагандай болуп калбайт экен. Балага оозеки эле “жакшы спортчу”, “жакшы саясатчы”, “жакшы молдо” деген сыяктуу түшүнүктөрдү айтканда ал алардын кандай экенин элестете албайт. Өзүбүз “Мындай бол” деп талап кылып жаткан адамыбыздын үлгүсүн көрсөтсөк гана бала өзүн камчылап, ошол үлгүгө жеткенге аракет кылат. Ошондуктан баланын табиятына китеп окуу жөндөмүн сиңириш үчүн, оболу ага китеп окуунун өрнөгүн көргөзүшүбүз керек. Китеп окуу өрнөгү коомго таанымал мугалим, ишмер же окумуштуу болушу мүмкүн, бирок бардык педагогика жана психология китептеринде эң биринчи жана эң таасирлүү үлгү ата-эне экени жазылган. Үй-бүлөдө китеп окуу салты калыптанса, бул бүлөнүн чоң жетишкендиги.

## Китеп маданиятын калыптоо жолдору

Балага китеп окуу жөндөмүн сиңириш үчүн эң биринчи кезекте биз, ата-энелер китеп кармашыбыз керек. Окулган китептерди чогуу талкуулайлы. Жайкы каникулда баланын жаш курагына ылайыктуу китеп табуу жолун издейли. Мейли китеп окуу курагында болсун, мейли ал куракка жете элек болсун, китеп саткан дүкөндөргө биз менен кошо барсын. Аны басмырлабай, таңуулабай, “Сен өзүң танда” деп кеңешүү таризинде ага китеп тандайлы. Китеп талкуулоо курагына жете элек болсо да, көп окуган агалары менен, же окумушуулар менен китеп тууралуу сөз болгон жерлерде бирге болуусу маанилүү. Өлкөбүздө жылдан-жылга көбөйүп бара жаткан китеп жарманкелерин бирге кыдыруу да баланын китепке кызыгуусун арттырат.

## Баланын жеке китеп текчеси болот

Үлгүлүү адам эле эмес, үлгүлүү үй болгон да жакшы. Ата-эне китеп окуу үлгүсү болгондой эле, биз жашаган үйүбүз да китеп окууга үлгүлүү жай болушу керек. Ар бир үйдүн чакан китепканасы болгону жакшы. Ал китепканада, же шкафтарда баланын да өзүнө таандык текчеси болсо, ал да китеп чогултууга шымаланып, шыктанып калат. Ал китеп окуу жана китеп жыйноо боюнча сиздерге атаандаш боло баштайт. Бала китеп окуган сайын анын сапаттуу китеп тандоо жөндөмү арта берет. Ал бара-бара сүрөтү мол китептерден алыстап, мазмуну бай жана терең китептерге жакындайт.

## Салт жеңеби же жаңылык жеңеби?

Учурдун айфон же планшеттер менен чоңойгон жаштары үчүн китепти ошолордун бетинен окуу ыңгайлуураак. Бирок заманбап илимий изилдөөлөргө карасак, китепти бир гана көзүбүз окубайт экен. Манжаларыбыз менен барактоо, мурдубуз менен жытын сезүү, кулагыбыз менен шуудураган үнүн угуу аркылуу китеп окууга болгон сүйүүбүз дагы артат экен. А жаңы техника менен окуганда бул нерселерден куру калабыз. Айфон жана планшеттен окуп жаткан кезде башка жакка алаксып кетүү мүмкүндүгү да артат. Китеп окуу, аны түшүнүү жана мазмунуна жараша ой жүгүртүү оор иш экенин эске алсак, жеңилирээк нерсеге оop кетүү ыктымалы жогору экенин түшүнсө болот.

## Эң бай мурасыбыз – китеп окууну сүйдүрүү

Китеп окууну сүйдүрүү баланын келечегине өтө чоң салым. Ошондуктан ата-энелер ысык-суук дебей, эрте-кеч дебей баласын китеп окууга шыктандыруу жолдорун издегенден чарчабашы керек. Адамзат канчалык өнүгүп кетпесин, кайсыл куракта болбосун, тагдыры кандай сыноого кабылбасын, китептер өзүнүн маанилүүлүгүн жоготпойт деген ишенимдебиз. Акырындап китеп жоголуп кеткен күндө да планшеттер болобу, же башка нерсе болобу, айтор, китеп көп окулуш керек. Түркүн айласын таап, түрдүү чараларды көрүп, балдарыбызга китеп окууну сүйдүрөлү. Ошондуктан зордогон эмес сүйдүргөн, басмырлаган эмес көндүргөн, керектүүлүгүн түшүндүрө алган таризде китеп окуу жөндөмүнө багыттай алган болсок, бала тарбиясында эң чоң ийгиликке жетип, эң чоң мурас калтырган болобуз.

ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК УУЛУ

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ 40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА


Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!

# Англйо эмес, манглйо болсо да алам

Кумурзстандыктар бир нече күндөн бери эле ары-бери чапкылап дүрбөп жүрүшөт. Бирде карасаң оңго чуркап баратышса, бирде карасаң үйрү-тобу менен солду карай чуркашат. Анан эле бир маалда баары топурап барып бир жерге тыгылып калышат. Так ошол маалда жакшылап карап турсаң бир кумурска шашпай ары-бери кыйшаңдап өтүп бараткан болот. Түштө турганбы бети-башы шишип, муруттары шалпайып калган. Аа бул Хахамбай тура дейт элдин баары. Адаттагыдай эле элдин баарын тургузуп коюп кылжыңдап шашпай өткөндү жакшы көрөт жарыктык. Башкалар менен чогуу баскандан уялабы, же уйкулуу көзү менен сүзүшүп алам дейби. Иши кылса жолду тазалатып койот. Анан аны туурап башкалары да жол тазалатып өтө баштайт. Алар деле өзүнчө каадалуу. Шашадан кем калса калат, болбосо андан да шашпай басып өтүшөт. Негизи эле бул кумурзстандыктар ушундай. Эки эле кумурзкага башчы болуп калса болду, кайкалап калышат.

Бирок, бул жолку дүрбөлөң мурдагыдан да башкача. Көрсө аврупуядан ургаачы кумурска конокко келатыптыр. Шаша желдеттерин шатырата жетелеп алып жүгүрүп жүрөт.

– Гурман Мотуй кайда? – деди ал бир маалда тынчсыздана.

– Үйүндө эле болсо керек, – деди жолдоштору.

– Ошону тезирэк үйлөнткүлө. Же үйүнөн чыгарбагыла. Жок, үйүнөн чыгаруу колуңардан келбейт. Андан көрө үйлөнткүлө.

– Мейли. А эмне болуп кетти.

– Ал жаман. Англйо Меркини алам деп чыгат.

– Аа, макул. Баса Турси Байбакрону да үйлөнтүп салыш керек го анда.

– Туй ата. Ал да бар эмеспи. Аны да бирдеме кылыш керек тезирек.

Ошентип Хаха ойлоно баштады. Ары басты, бери басты. Аңгыча артында турган Чинго Гакун сунуш киргизди.

– Балким Жилди Жолдини чакырсак кантет?

– Анын эмне тиешеси бар? – деп чочуп кетти Хахамбай.

– Экөө илгери жүрүшкөн экен.

– Кой, кокуй. Байкуш Турси ансыз деле карыды.

– Анда кантели?

– Мейли, Жилди Жолдинин сүрөтүн эле жиберип койгула. Жинге тийсе өзүнө жолуктуруп койобуз.

– А болду. Сүрөтү эле жетет.

Ошентип маселелер да чечилди. Эми Англйону кантип коноктойбуз деп сүйлөшө баштышты.

– Жөргөмүш союп чучугунан берели, – деди Чинго. Хахамбай аз жерден какап кете жаздады.


– Сен эмне жинди болуп атасыңбы? Чучукту башкача ойлоп алса кантесиң?

– Омей чын эле. Чучук көрө элек да, байкуш.

– Ооба. Анда бербей эле койолу. Чучугун да, казысын да, картасын да бербе. Такыр эле жөргөмүш бербе. Эшек курт да бербе. Биттин башын куйкалап, көзүн чукуп кирчү элеңер. Андайды да кылбагыла.

– Жөргөмүштүн сүтүн берсек болобу?

– Жок! Жөргөмүштүн сүтүн көргөндө эле этин, чучугун кошо сүйрөп киресиңер. Анан башталат дагы, баягы чучук-мучук маселеси.



– Балким Англйого чучук жагаттыр.

– Жакса эмне кылайын? Мен бербейм, өзүңөр башка күнү бере бергиле.

– Макул. Кечирип коюңуз.

Хахамбай бир топко унчукпай калды. Анан бурк этип буйрук берди.

– Надорнуйда экөбаштык сатылып атабы дагыле?

– Ооба.

– Ошондон алып койгула.

– Макул. Эмне бирдеме саласызбы?

– Мен салмак белем. Англйого бересиңер да. Алар табиятты жакшы көргөн немелер беркиндей баштык берсеңер уят болобуз.

– Англйого баштыкты эмнеге беребиз?

– Кызык го. Конок-монокко барган немесиңби сен? Оперсия баштык дегенди билбей калдыңбы? Англйо деле устукан мустуканын сала кетет да.

– Аа, хехе, эми түшүнбөдүмбү. Ооба, ооба. Макул экөбаштык алып койобуз сөзсүз.

Ошентип булар бийкта конок камын көрүп отурганда, тигил жакта Комча Ташко чачын артка суулап тарап, мурутун майлап бурап, улам бир кийимин кийип күзгүгө каранып жыргап атты. Тим эле жаңы үйлөнчүдөй жасанып атат. Ары басып көрөт, бери басып көрөт.

– Эмне Чоңгуз кандан кем бекем? Англйо эмес, манглйо болсо да аны мен алам. Ля-ля-ляаа, – деп кыңылдап койот кээде. Өзүнчө эле шаңданып алган. Кызы достору дагы башын айлантып койгон го…

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ




**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

— Кана, кеп урчу! — деди оозун бүйрүп мурчуюп.

— Биздин Эрке Сары2 солдатка бир киши бермек экен. Ошого Урманбетти жазып бериптир,—деп келатканда Элебес:

— Болуш кармап бериптирби? — деп сөздү бөлүп калды.

— Иши кылып жакшылар ошону эптүүлөгөн көрүнөт.

— Ал Көлгө кайдан барып жүрөт, адам?

— Көп жылдан бери жедеп эриккен соң, быйыл элди көрүп келейин деп бир башы ооп барып калган окшойт. Ал барган кезде жаңкыдай иш болуп жатыптыр.

— Деги кайсы жерлерде жүрүп келиптир? Бейшемби кырчоодо байлануу турган атын бир карап алып, бартайган колдорун карсылдатып ушалап койду да.

— Бул жолу ырдыкта, дуңганда жүргөн жеринен чыгып барыптыр,— деп бир аз унчукпай ойлонуп калып артынан мындай деди:

— Кеткени менен өзү кетпей элге чаң салып, жаман аттуу болуп кетмек болду. Солдатка жазылгандан кийин Караколго барып келип алып жакшылардын атын жыгып минип, бүтүн Эрке Сарыны чаңдатыптыр. Жана солдатка кеткендерге төрт жүз сомдон бермек экен, анын эки жүз элүү сомун жакшылар3 олжолоп кетиптир…

Мунун баары кийин чын болуп чыкты.

Бул мындай болот. Бир күнү Жылуу Булактын боюнда жакшылар жыйналып топ кылып жатат. Ошол кезде Урманбет Аралдан аркыратып келет да топтун үстүнөн чыгып көсөгөндөй барып Ыбыке болуштун атын талашат. Ал жерден «муну кой, уят, башка самаган атыңды алып берели» дегендер болот. «Мындан бөлөк атты минбеймин» деп ал карышып жатып алат. Ошенткенден кийин Урманбетти бир тобу жабылып урмак да болушат. Урманбеттин ырайымсыз түрүн көргөн соң Ыбыке өзү да чочулап:

— Кой эми, бул капырды жайына койгула,— деп башкаларын тыйып коёт. Урманбет акем Ыбыкенин тору кашкасы менен зымырап жолго түшөт. Ошол күнү эле: «Урманбет солдатка жазылып келип, болуштун атын миниптир» деген кеп бүтүн Эрке Сарыга тарап кетет. «Эми Урманбетти болуштун кусуру урат» деп жорушат. Катын-калачтар болсо:

— Капыр, мындайды көргөн эмес элек! Өңгөдөн да ушул болуш акемдин атын мингени эмине жакшылык, ырымың кургур? Ушунча болуп атын минмек түгүл, алдынан кыя баскан жанды көргөн жок элек. Эми анын кусуру урбай коёр дейсиңерби… деп бир жагынан чуулдатып жөнөйт.

Ошондон кийин шашып калгандай Ыбыке дагы:

— Эми бу каапырга теңелип болбойт, андан көрө алдап-соолап тезирээк көзүн жоготкула,— дегенге келет.

Айтсак көп, анын булгүгү туралуу түркүн-түркүн эле сөздөр угулуп жатты. Урманбет кетээрде Кызыл-Кыяга келип кетти. Кечке жуук эле. Айылдын алдындагы суунун боюнда топ бала болуп ойноп жүргөнбүз. Ошол кезде карагер атчан, сур кийимдүү зыңкыйган бир солдат төмөнтөн чаап келди да биздин үйгө түштү. Мен тааный коюп:

— И Урманбет келди,— дедим. Беккул экөөбүз жарыша жөнөп бердик. Артыбыздан бир аз элтейип туруп-туруп бир кезде Торгойакун да жөнөдү.

Биз келсек Урманбет үйдө жайланы, отуруп калыптыр. Баягы Урманбет эмес, үстүндө сур шинели бар, ичинде төш чөнтөктүү сур көйнөк, бутунда кычыраган жаңы сары өтүк… бар кийими жарашып түптүз, типтик, чарчы бойлуу, зыңкыйган, бир сындуу солдат болгон да калган! Баягыда ушул жол менен Германияга жөнөткөн солдаттардан түк айырмасы жок. Жалгыз гана башында кыргызча көк көрпө тебетейи бар. Бу жолу алынгандардын баарына ушундай кийгизиптир. Бул кыргыздан алган солдаттардын белгиси сыяктуу. Менин көзүмө Урманбеттин кийимдеринин баары жарашып, алда эмнедей көрүнөт. Өзүнүн көңүлү да көтөрүңкү. Үйдөгүлөр менен мурункудай дулуйбай, ачылып бажырашып отурат. Кызы, менден мурун да бир топ сөз болуп өтсө керек.

Мен киргенимди эч ким элең кылбаган сыяктуу. Урманбет гана бир кезде оң колтугунда отурган мага карап:

—Садага болоюн, өлбөсөң сен да бир адам болорсуң? —деп колдойгон эби жок, салмактуу колу менен жарылып кетчүдөй чебердеп, чекемден ылдый карай сылап койду. Бул сөздү эмне үчүн айтканын мен түшүнгөнүм жок, айтор не болсо да ырайымы түшүп турганын сезип, эреркеп, боюм жылып кетти. Бурмаке бир кезде өзүн каптап быкшып турган кезек түтүнүнөн башын мындай буруп, Урманбетке карады да:

— Э балакетиңди алайын, болуштун атын минипсиң, ал эмнең? Бирөөнүн каргышына калып жүрбө. «Досуңдан душманың көп» деген. Антпей, тобо келтирип жүр алдыңа! —деди жумшак гана чын ниети менен. Бул сөз Урманбетке бир бүркүм сууча даарыган жок.

— Колуман келсе аларга дагы мындан чоңду кылар элем.

Баятан унчукпай отурган Элебес бу жерге келгенде аралаша түштү:

— Анан ошончо журттан барып көзөгөндөй Ыбыкенин атын мингениң эмнең? Элдин баары «мындайды көргөн эмес элек» деп кеп кылып жүрөт. Ошонун түбү өзүңө жакшы болобу?..

Урманбет буга да чым этпеген жок. Кайта кайратына келип:

— Мага башка эмес, так ошол Ыбыкенин өзү керек болучу. Атасынын көрү, өмүрүмдө өчүмдү бир алдым. Эми колунан келгенин эл менден аябай ак койсун. Мен болсом эрте көрө жүргөн кишимин,—деди.

«Мунусу текебердик болбос бекен» деген кишидей Бурмаке ойлонуп калды да бир аздан кийин:

—Алдыңа кетейин, деги урунуп-беринбей артыңды байкай жүр. Элдин каргышы деген жаман болучу. Өзүң алыска кетип барасың,— деген болду.

***(уландысы бар)***




# Катага ката менен жооп бербейт

Кечээ түнү Бишкек жана Ош шаарында плакаттар илинди. Көчөлөрдүн эң көрүнүктүү жерлерине, эң кымбат шиттерге элдин баардыгын таң калтырган "Элечек кийген кыргыз аялзаты акыры арабча чүмбөттөлгөн кийим киет" деген сыяктуу баннерлер пайда болду. Бул эми коомдун бир бөлүгүнүн кооптонуп, чочулаганын билдирген сүрөттөй. Булардын максаты туура, ою түзүк болгон күндө деле, малча үркkөн сезимдерди билдирген радикалдуу көз-караш чагылдырылып атат. Бул плакаттарды илгендер канчалык актанып, "Биз радикалдарга каршы пикир билдирип, акция өткөрүп атабыз" деген менен коюлган максатына дал келбейт. Анткени коомдогу радикалдуулукту күчөткөн акцияны баштап коюшту. Мунун өзү да радикалдуу кадам.

Бул светтик же улуттук баалуулуктарды карманган адамдардын арты менен радикалдуу көз-караштардын кагылышын мындан да күчөтүп, коомдогу чыңалууну жогорулатып, ажырымды тереңдете турган акция. Ошондуктан бул баннерлерди тез аранын ичинде алып, андан көрө, каршы тарапты диалогго чакырган сунуштар болсо жакшыраак болот беле?

Мындай орунсуз орой аракеттерди коомдун заманбапсынган топтору деле толеранттуулукка, сабырдуулукка чакырууга, демократиялык баалуулуктарды туура түшүнүп, аларды туура колдонууга бышып жетиле элек. Мунун артынан эртең-бүрсүгүнү Кыргызстанда радикалдуулуктун мындан да алоолонушун күчөткүсү келген күчтөр чыкса, таң калбаш керек. Бул иштерди өздөрүн туура позициядамын деген кишилер кылган күндө да мындай жийиркеничтүү аракеттердин натыйжасын арам ою барлар колдонуп кетиши толук мүмкүн. Ошондуктан от менен ойнобойлу.

Интернеттеги коомдук тармактарда болобу, башка жерде болобу күчөп бара жаткан радикалдуулукка бөгөт коюунун, радикалдуулукту басаңдатуунун жолу радикалдуу кадамдар менен ишке ашпайт. Радикалдуулукту акылмандык, диалог жана кеңеш менен ташталган кадамдар гана токтото алат. Катага ката менен жооп бербейт. Ошондуктан Улуттук укук коргоо жана күч органдары буга сөзсүз чара көрүшү керек. Бул акмакчылыкты ким каржылаган, алардын түпкү максаты эмне экени териштирилүүсү зарыл. Муну тез аранын ичинде иликтеп, демилгечилерин ортого чыгарбаса, кийин кеч болуп калышы мүмкүн.

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ

«ДИЛАЗЫК» БАСМА ҮЙҮ
Дизайнер керек!
Ыймандуу жана тажрыйбалуу дизайнер керек.
**Талап:** китептердин Индизайн ишин жана мукаба дизайнын (фотошоп ж.б.) жакшы билген болуу.
Тел.: 0773534060













